УДК 94 (575.2) (04)

***Каратаев[1] О. К.***,
*профессор, тарых илим.доктору*
***Каратаев О. К.,***
*профессор, доктор исторических наук*
***Karataev O. K.,***
*professor, doctor of historical sciences*

***Джаныбекова[2] К.Р.,***
*т.и.к., КУУнун доценти*
***Джаныбекова К. Р.,***
*кандидат исторических наук, доцент*
***Janybekova K. R.,***
*candidate of historical sciences, docent*

*[1]Б. Джамгерчинов ат. КР УИАнын Тарых, археология жана этнология институту*
*Институт истории, археологии и этнологии им. Б. Джамгерчинова НАН КР*
*Institute of History, Archeology and ethnology them. B. Dzhamgerchinova NAS KR*

*[2]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети*
*Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына*
*Kyrgyz National University named after J. Balasagyn*

# АЛАЙ КЫРГЫЗДАРЫНДАГЫ КЫМЫЗ ИЧҮҮНҮН ЭЗЕЛКИ “ҮЛҮШ” САЛТЫНЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ, МААНИСИ “ЭРКЕКТЕР СОЮЗДАРЫ”

*1-макала. Кымыз ичүү “үлүш” салтынын башаты[1]*

# ПРОИСХОЖДЕНИЕ И ЗНАЧЕНИЕ ДРЕВНЕЙ ТРАДИЦИИ ПИТЬЯ КУМЫЗА “ҮЛҮШ” У АЛАЙСКИХ КЫРГЫЗОВ «МУЖСКИЕ СОЮЗЫ»

# THE ORIGIN AND SIGNIFICANCE OF THE ANCIENT TRADITION OF DRINKING KOUMISS “ULUSH” AMONG THE ALAI KYRGYZ “MEN’S UNIONS”

**Аннотация.** Кыргыздарда алгачкы общиналык коомдогу жашоону, андагы социалдык-экономикалык мамилелерди чагылдырган каада-салттар, ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр арбын кездешет. Бул каада-салттарга кыргыздын туугандык карым-катнаштары, жакшылыкта, жамандыкта туугандардын жардамга келүүсү, ашар ыкмалары, үй-бүлөнүн бекемдиги, уруу (урук) ичиндеги (улуу-кичүү) өз ара алакалар, куда-сөөктү күтүү ж.б. мисал боло алат. Алгачкы общиналык (жамааттык) коомдогу социалдык алакалардын сакталып келиши элдин байыркылыгын, анын маданиятынын эзелки доорго таандык экендигин ыраастары бышык. Аталып жаткан эзелки каада-салттардын бири – кыргыздын “үлүш”

*[1]“Алай кыргыздары” деп орус булактарында шарттуу түрдө XIX к. жалпысынан азыркы Алай, Кара-Кулжа, Чоң-Алай аймактары, Ноокат, Өзгөн жана Кара-Суу райондорунун тоолуу чөлкөмдөрүнүн кыргыздары аталышканы белгилүү. Ошондон улам, бул географиялык терминди бузбастан кабыл алдык. – О.К.*

салты. Кыргыздын бул салты алгачкы общиналык доордон бери карай келе жаткан, замандын алга жылышы менен формасын жана маанисин бир кыйла өзгөрткөн (трансформацияга учураган); башка элдерге таралган “эркектер союздары” менен баштапкы мааниси жагынан маанилеш, ары параллелдүү кароого болот. Кыргыздагы “жоро олтуруш”, “бозо жоро”, “теңтуштар”, “шерине” ж.б. салттарды эзелки ”эркектер союздары” менен түпкү маңыз-мазмуну маанилеш экендигин билүүбүз абзел.

**Аннотация.** У кыргызов существует множество обычаев и обрядов, отражающих жизнь в первобытнообщинном строе и социально-экономические отношения в нем. К этим традициям относятся родственные отношения кыргызов, приход на помощь родственникам в хорошие и плохие времена, способы питания, крепость семьи, взаимоотношения внутри племени (рода) (старшего и младшего), ожидание крестника и др. может быть примером. Сохранение общественных отношений в первобытнообщинном строе безусловно подтверждает древность народа, принадлежность его культуры к античной эпохе. Одной из упомянутых древних традиций является кыргызская «үлүш». Эта кыргызская традиция существует с раннеобщинной эпохи и с течением времени значительно изменила свою форму и значение (претерпела трансформацию); По своему первоначальному значению его можно считать параллельным «мужским союзам», распространившимся и на другие народы. Кыргызские «жоро олтуруш», «бозо жоро», «шерине» и др. Важно знать, что традиции имеют то же значение, что и первобытные «мужские союзы».

**Abstract.** The Kyrgyz have many customs and rituals that reflect life in the primitive communal system and socio-economic relations in it. These traditions include family relations of the Kyrgyz, coming to the aid of relatives in good and bad times, ways of eating, family strength, relationships within the tribe (clan) (older and younger), waiting for a godson, etc. can be an example. The preservation of social relations in the primitive communal system undoubtedly confirms the antiquity of the people, the belonging of its culture to the ancient era. One of the ancient traditions mentioned is the Kyrgyz “ulush”. This Kyrgyz tradition has existed since the early communal era and over time has significantly changed its form and meaning (has undergone a transformation); In its original meaning, it can be considered parallel to the “male unions”, which have spread to other peoples. Kyrgyz “joro olturush”, “bozo joro”, “sherine”, etc. It is important to know that traditions have the same meaning as primitive “male unions”

***Негизги сөздөр**: Алай кыргыздары, үлүш, куда-сөөк, уруу, каада-салт, кымыз, бозо, бий, касакур.*

***Ключевые слова:** алайские кыргызы, үлүш, куда-сөөк, племя, традиция, кумыз, бозо, бий, касакур.*

***Keywords:** Alai Kyrgyz, ulush, kuda-sook, tribe, tradition, koumiss, bozo, biy, kasakur.*

Кыргыздардын салттуу кымыз, бозо ж.б. ичимдиктери тууралу кытай жазма булактары эскерет. Кытайдын Тан (618-907-жж.) династиясынын доорунда жазылган “Тан-шуда”: (Кыргыздар) үчүнчү айда (март айы – О.К.) жер айдап, эгин себишет. Сегизинчи жана тогузунчу айда (ай календары боюнча) бышкан эгиндерин жыйнашат, эгинден тамак кайнатышат, андан ичимдик жасашат, аны адамды мас кылган абалга чейин ачытышат. Буудай майдалап ун жасоо үчүн кол жаргылчагын пайдаланышат. Ажэнин (кагандын) жеген тамагына ундан жасалган азыктарды кошуп беришет. (Кыргыздарга) баш ийген уруулар өнчөй эт жешет, жылкынын, төөнүн эттерин азык катары пайдаланышат. Музыкалык аспаптардан добулбас, чоор, кыл кыяк, сурнай жана коңгуроо сыңарларды ойношот. Эл топтолгон чоң жыйындарда төө

жарыштары, арстандар (колго үйрөтүлгөн) менен оюндары, ат менен көнүгүүлөр ж.б. көрсөтүлөт. Алардын минген аттары абдан зор көлөмдүү, күчтүү жана бекем келет, согушка даярдалгандарын баш аттар деп эсептешет. Алардын (кыргыздардын) төрт түлүгү түрдүү келет. Төөлөр, букалар, койлор, өзгөчө букалардын саны эсепсиз келет. Колунда бардар бай үй бүлөлөрдө эки-үч миң баштан мал болот (караңыз: Кюнер, 1960: 33). Демек, кыргыздарда бозо ичимдиги кымыз менен катар байыркы замандарда эле белгилүү болгон. Кыргыздар азыркы Туванын аймактарында, Минуса-Хакас ойдуңунда буудай, арпа менен катар таруу себишкен. Таруунун кытай булактарында эскерилгендей "кара таруу" деген сортун пайдаланышкандай. Хакасия жана Тувада кыргыздардын дыйканчылык талаалары, жасалма суугаруу үчүн курулган ирригациялык курулуштарынын чалдырбалары бүгүнкү күндөргө чейин сакталып калган.

Оболу, ***"жоро"*** деген лексиканын маанисине аныктама берсек: Жоро I. Көбүнчө кышында улам кезек менен биринин үйүнө чогулушуп, негизги ичимдиги бозо менен кошо тамак-аш ичишип, көңүл ача турган бир катар тентуш болушкан жалаң эркектер же аялдар (кээде аял-эркектер) болуп уюшушкан топтун үлпөтү. Жоро II. Теңтуш, жолдош, курбу-курдаш. Жоро III. Жорук, жорук-жоосун, кылык-жорук. Жоро IV. Алдын ала даярдоо, камдоо, белендөө, арноо (КТТС, T.I, 2019: 525)."Эркектер союздары" кыргыздарда "жоро", "жолдоштор", "теңтуштар" ж.б. терминдерде айтылат. Биздин пикирде, "жоро" жана "чоро" терминдери бир маанини туюнткан синонимдеш сөздөр (караңыз "чоро" терминин). Кыргыздардагы "жоро", "теңтуш", "шеринелеш достор" терминдеринин баштапкы маанилеринде алгачкы общиналык коомдогу "эркектер союздарынын" байыркы элементтери туруктуу сакталып калган.

Жогоруда белгиленгендей, кыргыздагы кымыз ичүүнүн "үлүш" салты дал ошол байыркы "эркектер союздарынын" соңку, эволюцияга учураган формасы болуп саналат. Оболу, ***"үлүш"*** деген лексикага аныктама берели: 1. *Байлардын өз тегерегиндеги элге же бир уруунун экинчи бир урууга, жергиликтүүлөрдөн башка жерлик адамдарга сыйлап берген тамак-ашы.* 2. *Бир нерседен бөлүнгөн тийиштүү бир энчи, бөлүк* (КТТС, 2019, T.II: 601). Арийне, Алай, Кара-Суу, Ноокат, Кара-Кулжа аймактарындагы жашаган калкта (Адыгиненин Бөрү, Баргы, Жору, Карабагыш, Сарттар уруулары, Мунгуш, Моңолдор, Коңурат ж.б. кыргыз уруулары) кымыз ичүүнүн "үлүш" салты курбалдаш теӊ-туштардын (үй бүлө күткөндөрдөн жашы жогорулап калгандарга чейин) сыйлуу тамак ичишкен үлпөтү болгон. Ириде, бул салттын түпкү социалдык-саясий, иерахиялык мааниси болгондугун белгилөө зарыл. Үлүш ичүү топтору бир курбалдагы теңтуштар, бир уруктагы (урукташ) туугандар тарабынан уюштурулган. Арийне, бул салтты кеч күздө жана кышта уюштурулган теӊ-туштардын "бозо олтурушу" менен чаташтырбоо зарыл. "Үлүштү" уюштуруунун жана өткөрүүнүн себеби, жүрүшү, түпкү же баштапкы мааниси тууралу талаа материалдарынын негизинде аныктама беребиз. Иликтөөнүн жүрүшүндө Адигине уруулук тобуна кирген уруулар жашаган аймактардын өкүлдөрү информаторлор же маалымат берүүчүлөр катары катышкан. Маалымат берүүчүлөрдүн (информаторлордун) баяндоолорунун негизинде кымыз ичүүнүн ***"Үлүш"*** салтын сүрөттөп, реконсрукциялап чыгабыз. Ошону менен бирге "үлүш" салтынын байыркы замандардагы "***Эркектер союздары"*** менен генетикалык байланыштары иликтенет. XX к. 20-30 жж. кыргыздардын салттуу маданиятын (этнографиясын) алгылыктуу изилдеген Фёдор (Теодор) Артурович Фиельструп (1889-1933-жж.) Талас жана Суусамыр өрөөндөрүндөгү эркектердин "жоро" бирикмелери (топтору) жана кымыз ичүү үчүн уюшулган жашташ курактагылардын топторунун баштапкы

генезиси тууралу кызыктуу иликтөөлөрдү жүргүзгөн, эзелки кыргыз салтына терең саресеп салган көрүнүктүү окумуштуу болгондугу маалым.

Эң алгачкы ирет кымыз ичүү салты тууралу 1909-ж. В.В.Бартольд "*Церемониял при дворе узбекских ханов в XVII в*" аттуу макаласын белгилүү ориенталист Г.Н.Потаниндин юбилейине арналган жыйнакта жарыялаган (Бартольд, 1909: 293-308). 1951-ж. тарыхчы-этнограф Л.П.Потапов В.В.Бартольддун бул маселе боюнча көтөргөн кызыктуу илимий пикирин андан ары кошумча маалыматтар менен толуктап, уланткан (Потапов, 1951: 164-171). В.В.Бартольд XVII к. Балхтагы, андан соң Самарканд менен Бухараны бийлеген Надыр Мухаммед-хандын сарайындагы кымыз ичүү салты тууралу Махмуд ибн-Вели фарси тилинде жазылган "Бахру-л-асрар-фи-механиби-л-ахьяр" ("Жогорку даражалуулардын жасаган эрдиктери тууралу деңиздей терең сырлар") аттуу асарына комментарийлерди берген. Өз учурунда Махмуд ибн-Вели Надыр Мухаммеддин[2] ак сарайындагы кымыз ичүү аземи монголдордун ***"ясы жана юсун"*** мыйзамдарынын негизинде аткарылгандыгын эскерген. Казактар ж.б. кыпчак тилдүү тайпалардан бөлүнүп чыккан көчмөн-өзбектер Алтын Ордодогу кабыл алынган монгол мыйзамдарын (Чынгыз-хандын "Яссы/Жаза" мыйзамдар жыйнагы) колдонушкан.Ал учурдагы Дешти и-Кыпчактын түрк-монгол тилдүү уруулары кымызды негизги ичимдик (суусундук) катары колдонушкан, кымыз ичүүнүн калыптанган атайын тартиби жана этикети болгон. Л.П.Потаповдун белгилөөсүндө кымыз ичүүнүн мындай тартибин жөнөкөй, катардагы карапайым көчмөндөр да колдонушкан (Потапов, 1951:164).

Кымыз ичүү салтанаты же аземинин тартиби боюнча хандын оң жана сол жагына (канаттарына) адамдар коомдогу (мамлекеттеги) ээлеген даражасына, кызмат рангасына карата орун алышкан. Кызмат абалы, рангасы, коомдогу абалы аталган церемониалда так сакталган. Махмуд ибн-Вели аземдеги аткарылган салттуу каадалардын өтө көп экендигин белгилейт, анын бир аз гана бөлүгүнө кайрыларын жазат. Демек, кымыз ичүүнүн салты - ***"ясы жана юсун"*** мыйзамдарынын негизинде Чынгыз-хандын доорунда биротоло турукташкан дегенге негиз бар. Хан олтурган төрдөн бектер оң жана сол канаттарды ээлеп олтурушкандан соң, хандын белгиси менен ***"одачи"*** (кымыз куйган жана аны көзөмөлдөгөн сарай кызматкери) "кабыл алынган этикетти сактоо менен" кымыз куюлган аякты ханга сунган. Сол канатта жогорку тектүүлөр, даражалуулар орун алышкан (Бартольд, 1909: 300-305). "Көңүлдөгү капалыкты жана түйшүктү айдаган суусундуктан" бир аз ооз тийип, колундагы толтура куюлган аяктагы кымызды өзүнө кеңешчи, ишеничтүү деген эмирлердин бирине сунган. Эмир хандын сунган аяктагы кымызды ичип, идишти бачым бошоткондон соң, хан жаңыдан толтурулган аяктын бирин "одачинин" өзүнө ичирткен; андан кийин хан кезеги менен башка эмирлерге жеке өз колу менен аяктарды узаткан. Андан соң, "одачылар" башка бош турган аяктарды текши кымыз менен толтурушуп, "хандын амири менен" хандан оң жана сол канаттарында орун алышкан эмирлерден "кымызды тартынбай ичүүнү өтүнүшкөн". Оң жана сол тараптагы (канаттагы) эмирлерди кымыз ичирүү аземи тартип менен ишке ашырылган, кандайдыр жаңылыштык болушу мүмкүн эмес эле. Оң жана сол тараптан экиден эмир орундарынан турушуп, "одачынын" жанына келишкен, колдоруна кымыз толтурулган идишти кармашып, бир учурда ичишкен, андан соң өз орундарын ээлеп олтурушкан. Кымыз ичүү аземи кезек менен улана берген. "Одачылар" хан жетектеген

[2]*Надыр Мухаммед-хан – алгач ирет Балхта, андан соң Бухара менен Самаркандда башкаруучу болгон, 1651-ж. өлгөн.*

эмирлер кымыздарын ичип тоюшкандан соң, кымыз толтурулган аяктарды ***эшик ага, курчийлерге***, ***жалпы аскерлерге*** сунушкан (Потапов, 1951:165). Хандын оң жана сол тараптарындагы олтурган эмирлерден экиден киши бир учурда "одачилердин" жанынан кезеги менен орун алышып, сунулган аяктарды бошотушкан, тизелеген абалда өз орундарына жылып барып олтурушкандыгы сүрөттөйт Махмуд ибн Вели өз эмгегинде.

Орто кылымдардагы кымыз ичүүнүн мындай салтынын параллелин этнограф М.Ф.Гаврилов XX к. 20-ж. азыркы Тажикстандын аймагында жашаган көчмөн-өзбектердин ичинен байкаган, жыйналган талаа материалдарын сыпаттап, кагаз бетине түшүргөн[3]. Отурукташууга өткөн көчмөн-өзбектер мезгилдин өтүшү жана жашоо шарттарынын (чарбалык уклад ж.б. – О.К.) өзгөрүшү менен кымыз даярдоону унутушкандыгына токтолгон. "Шерда" деп аталган эркектер жыйналган сый тамак үлпөтүндө арпадан жасалган бозону ичишерин изилдеп келип, бозо ичүүгө байланыштуу каадаларды тереңдетип жазып чыккан. "Буза" же "шерда" көчмөн-өзбектердеги эркектердин топтолгон көңүл ачуусунун бири болгон. Л.П.Потаповдун даана сүрөттөөсүндө орто кылымдардагы көңүл ачуучу "сыйлуу кымыз ичүү үлпөтү" буза (кырг. бозо) менен алмашканын, аткарылган каадалардын (жөрөлгөлөр) мазмуну соңку доордо негизинен туруктуу сакталып калганын жазат (караңыз: Потапов, 1951:165). "Буза" же "шерда" ичкен көчмөн-өзбектердин үлпөт олтурушунда *орто кылымдардагы мамлекеттик-башкаруу системасынын принциптеринин символикалык элементтерин, ордодогу (сарайдагы) "кызмат орундарынын"* аталыштары сакталып калгандыгын көрүүгө болот. Ободу, турукташып калган топтун ичинен эң тажрыйбалуу мүчөсүн "бий" катары көпчүлүк шайлаган. Андан соң, оң жана сол канаттагы "аталыктарды" – "бийдин" орун басарларын дайындашкан. Кийинки кезекте – "эшик аганы" (олтурган бөлмөнүн жетекчиси), "жасоолду" (буйруктарды аткаруучу), ***"касакурду"*** (бозону куюп, таратып берчү жооптуу адам) жыйындын чечими аркылуу "дайындашкан". "Буза" же "шерда" ичишкен теңтуштар орто азык-түлүк алышкан, өзгөчө этке көңүл бурушкан. Үлпөт учурундагы олтуруштун тартиби төмөндөгүдөй болгон: "Бий" төрдөгү жерден орун алган, анын оң жана сол тараптарынан "оң аталык" жана "сол аталыктар" орун алышкан. "Жасоол" үйдүн босогосунан орундук ээлеп, калган катышуучулар "бийдин" оң жана сол ыпталарынан катарынан олтурушат. Бозо ичүү калыптанган тартип боюнча ортодогу бир аяктан ичилген. "Касакур" аякты бозого толтуруп "аллаяр" ("кудай сенин досуң болсун!") деген сөздү айтып туруп "бийге" узатканда, "бий" сунулган аякты өзү ооз тийбей туруп, "касакурдүн" өзүнө берүүгө ишаарат жасаган. "Касакур" аякты бошоткондон соң, кайрадан бозо толтурулган кесени "бийге" сунган. "Бий" сунулган бозону ыраазы болуп ичип, бошогон аякты кайрадан "касакурга" узаткан. Андан соң, аяк "оң аталыкка" сунулуп, катарынан ишаарат менен бериле берген. Бул шартта бозого арналган ырларды ырдашып, көңүлдөрүн көтөрүшкөндүгү тууралу М.В.Гаврилов сыпаттап жазган (Гаврилов, 1929:5).

Бозо ичүүнүн жүрүшүнүн ортолугундагы убакытта жоро олтуруштун катышуучулары куурдак жешкен. Жумшак, маанилүү тамаша сөздөр, азилдер айтылып күлкүлөр чыккан. Үлпөттүн жүрүшүн "бий" башкарып, андагы тартипке "эшик агасы" көз салып турган. Жергиликтүү өзбектерде "түнкү эшик агасы – бийден таасирдүүрөөк" деген лакап айтылат (Гаврилов, 1929: 4). Чындыгында, түнкү "шерда" олтуруштарында "эшик ага"

[3]*Гаврилов М.Ф. Остатки ясы и юсуна у узбеков. – Ташкент, 1929. – 9 с. (отдельный оттиск).*

белги берсе, буйрук “жасоол” тарабынан аткарылган. Бозо толтурулган аяктар улам берилип, бошогондору узатылып турат, “шердада” олтургандардын айрымдары кызый баштаганда калыптанып калган эрежелер бузала башташы абзел эле. Ошондуктан, “эшик аганын” көзү эрежени бузгандарды дыкат карап турган. М.В.Гаврилов “шерда” жоро олтурушу же үлпөтүндөгү калыптанган этикет, же болбосо калыптанган эрежелер тууралу төмөндөгүлөрдү жазган: 1. “Касакур” тарабынан сунулган аяктагы бозону дем албастан аягына чейин ичүүгө милдеттүү болушкан; 2. Ичип жаткан бозону төгүп же чачып жиберүүгө тыюу салынган;[4] 3. “Шерданын” катышуучуларынын түгөлү тизелеп олтуруп бозо ичишкен, аяктары ооруп, шишип кеткен чакта да “эшик аганын” уруксатысыз кыймылдаганга, аяктарын жайып же сунуп олтурууга акылары болгон эмес; 4. Өзүнүн кызып (мас болуп) калганын билдирүүгө, жаман сөздөрдү айтууга тыюу салынган; 5. “Шерданы” калтырып сыртка чыгууга укуктары болушкан, бирок, сырттан үйгө киргенде “бийдин” колунан бир аяк бозону ичкенге милдеттүү болушкан (Гаврилов, 1929: 6). Бозо ичүүнүн шарттарын бузгандар токтоосуз “жазаланышкан”. Мисалы, “күнөөкөрдү” сыртка алып чыгышып, устун же даракка байлашып, 20-30 чака муздак суу куюшкан, “жазалоонун” ж.б. түрлөрү да колдонулган (Потапов, 1951: 165-166). М.В.Гаврилов эрежени бузгандарга “эшик агасы” тарабынан “дарра” – кур (кемер) менен сабоо ж.б. жазасы сунуш этилген. Бирок, “шерданын” мүчөлөрүнүн макулдугу менен “жазалоо” акча, азык-түлүк берүү менен кутулган. Ириде, акча жана азык-түлүктөр соңку олтуруш үчүн жумшалган. “Бийдин” сунушу менен сырттан келип кошулгандар “эшик аганын” чечими менен “накталай” кошумчалары (акча, азык-түлүк) менен кабыл алынган (Гаврилов, 1929: 7).

Байыркы этнографиялык салт кыргыздарда бузулбай сакталып калган. “Эркектер союздарынын” бир формасы болгон көңүл ачуунун мындай түрү кыргыздарда ***“шерне олтуруш”, “бозо олтуруш” же “бозо жоро”*** деп аталган, жай айларында кымыз, кыш мезгилинде бозо ичүү үлпөттөрүн уюштурушкан. Бул салт (бозо жоро) биздин байкообузда Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарында кадыресе турукташкан жана кеңири жайылган сыйлуу үлпөттөрдүн бири болгондугу маалым. “Бозо жоро” салты айыл жерлеринде, тоолуу аймактарда бүгүнкү күндөрү кадыресе сакталып калган.

XX к. 20-30-жж. Талас, Суусамыр аймактарын максаттуу кыдырган этнограф Ф.А.Фиельструп “эркектер союздарындагы” же “шернедеги” кымыз ичүү салтын сүрөттөп жазган: “Шерне” (“шерине”) жай айларында (июнь-июль) кымыз пайда болуп, бышканда уюштурулат, эркектер жаш өзгөчөлүктөрүнө карата топторго биригишет. Шернеге мүчө боло тургандарды талкуулап, санын такташат. Биринчи шернеде ***бийди, оң*** жана ***сол чыныларды*** шайлашат. Көңүл ачуудагы берилүүчү тамактын түрлөрү абалтадан сүйлөшүлөт, чыгымдын көлөмү азайбайт, болжолу көбөйүшү талкууланат. Шернеде кымыздын жана козунун (койдун) этинин болушу шарт, үй ээси даярдаганга үлгүрбөй кала турган болсо кымызды кошуна-колоңдордон жыйнашат (Фиельструп, 2002: 236). Шерне жылдын көрсөтүлгөн айларында шарт боюнча күн сайын уюштурулат. Ар бир кезектеги көңүл ачуу үлпөтү эки күн эрте белгиленген, себеби үй ээси кымыз менен эт даярдаганга үлгүрүшү зарыл эле. Үйдүн ээси кымыз менен эттен башка боорсок, чай, кант ж.б. азыктарды даярдоого милдеттүү болот. Кымыз ичилип, козунун эти желгенден кийин күн тартибинде ***“көк бөрү”*** оюну турган. Үй эси колунда бардар адам болсо, кымыз ичкендер “көк бөрүнү” уюштуруп берүүсүн сурашып, бата беришкен. Үй ээси көк бөрү үчүн улак же эчки берүүсү тийиш эле. Эгерде мүмкүнчүлүгү болбосо үй ээси баш тарта

*[4]Орто кылымдардагы “яса жана юсун” мыйзамы боюнча кымызды төгүп алган же чачыратып ичкен адам өлүм жазасынан башкалары менен жазаланышкандыгы айтылат (Гаврилов, 1929: 5).*

алган. Бирок, сөзгө калуудан уялган үй ээсине жакын туугандары жардамга келген, “көк бөрү” оюну уюштурулат (караңыз: Фиельструп, 2002:236).

Ф.А.Фиельструптун сүрөттөөсү боюнча ***“бий”*** – шериненин жетекчиси, анын жардамчылары болгон ***оң чыны*** жана ***сол чыны*** тартип боюнча бийдин оң, сол жагынан орун алышкан. “Бий” кымыз ичүү үлпөтү учурунда гана топко жетекчи болгонго акылуу болгон. Бий кымыздын тартип боюнча берилишине, аягына чейин ичилишине көз салат. Чыныдагы кымыз толук ичилбей калса, “жазалоо” иретинде кымыз жаңыланып куюлуп, кайрадан ичүүгө мажбурлашкан, ыр аткарып беришкен. “Бий” таасирлүү мүчөлөрдүн ичинен бир добуштан шайланган жана ал олтуруш үлпөтүндө кымыз ичпестен башкарып туруууга, чырдашкандар болсо тынчтандыруууга, белгиленген тартипти кармап башкарып туруууга милдеттүү болгон. Эт устукандалып табактарга салынып узатылат, шеринедеги улуу адамга койдун башы, бийге жамбаш менен куймулчак тартылат. Эт тартылгандан соң бий кааданы көзөмөлдөбөйт, бул башкаруу шыбагасы үй ээсине жүктөлөт. Этнограф Ф.А.Фиельструп Суусамырды кыдырганда шеринеден соң “тенге эңмей” (тыйын эңмей), “ит тартыш” (аркан тартыш), күрөш, чүкө, ак чөлмөк ж.б. оюндар уюштурулары жөнүндө жазган (Фиельструп, 2002: 236-237).

Изилдөөчүлөр Енисей кыргыздарынын түз урпактары болушкан ***алтайлыктарда*** да кымыз ичүүнүн байыркы коомдук-социалдык тарыхый салты сакталып калгандыгын белгилешкен. XX к. 20-30 жылдарында белгилүү тарыхчы-этнограф Л.П.Потапов түштүк алтайлыктарды дыкаттык менен изилдеп жүрүп, сүттөн жасалган аракты (алтайлыктардын тилинде - **арака**) ичүүнүн салтуу этикетине байкоо жүргүзгөн. Белгилей кетчү маселе, алтайлыктар, анын ичинен түштүк алтайлыктар (алтай-кижи, кыпчак, маймалар ж.б.) кыргыздар менен этностук жактан эң жакын калк болуп саналат. Алтайлыктардагы араканы ичүүнүн церемониалы (салты) бул багыттагы изденүүлөргө кошумча баалуу маалыматтарды берерине жана алтайлыктардын салтында өтө байыркы белгилерин сактап калгандыгына токтолгон. Араканы ичүү салты мал чарбачылыгы менен күн көргөн көчмөн уруулардын коомдук жашоосунун алгачкы общиналык коомго таандык болгон мүнөзүн чагылдырып көрсөтөт (Потапов, 1951: 166).

Алдын ала айтча кетчү маселе, түштүк алтайлыктардагы арака ичүү салты эң байыркы кымыз ичүү церемониясынын негизинде калыптанган. Болжолу, чарбалык уклады алмашкан алтайлыктардын этнографиялык топторунда бээ саап, кымыз жасоо салты унутулбаса да, калк көбүн эсе сүт багытындагы малга (кара мал, уй) маани берип калышкандай. Ириде, XX к. алтайлыктардын негизги суусундуктары кымыз, чеген, сүттөн жасалган арак жөнүндө В.И.Вербицкийдин жазган маалыматтары бар (Вербицкий 1893: 30-32). В.В.Радлов да алтайлыктардын жашоо образы, тамак-ашы, каада-салты боюнча салыштырмалуу өтө кызыктуу маалыматтарды жазат: «кыргыздардын укмуштуудай даамдуу даярдалган кымызынан соң, алтайлыктардын ***чегенин*** иче албай койдум» (Радлов, 1989: 163). Алтайлыктарда өзгөчө сүттөн (чеген) жасалган арак кеңири таралган (Потапов, 1953: 44). Алтайлыктар жай мезгилинде саалган сүттөн кыш камын көрүшүп, курут жасашкан. Курут үчүн даярдалган быштактан калган массаны казанга кайнатып, андан мас кылуучу “араканы” алышкан. Сүт арбын саалган шарттарда “араканы” кайнатып алуу бир жумада 2-3 ирет ишке ашырылган. Жогоруда белгиленгендей, XX к. 20-30 жж. аталган этностун ичинде изилдөөлөрдү жүргүзгөн Л.П.Потапов 4-5 үй бүлөдөн турган туугандар бир айылды түзүшөрүн, ошондуктан кезектешкен “арака ичүү” үлпөтү күнүгө өткөрүлгөндүгүн жазат (Потапов, 1951: 166). Бул жөрөлгөлүү салт шамандардын дуба окуу мезгилинде, үйлөнүү тойлорунда ж.б. шарттарда да бирдей колдонулган экен. Туугандар,

кошуналар (20-25 адам) мал-жанды жайгаштырып бүткөндөн соң, кеч киргенде белгиленген үйгө келишкен, үлпөткө жашы жеткен эркек-аялдардын баары тең катышууга акылуу болушкан. Кишилердин келишине үйдүн кожейкеси же келини (кызы) куруттан калган массаны казанга салып, анын үстүн жапкан да, алдына от жаккан, массанын кайнаган буусу сууга айланып түтүк аркылуу идишке куюлган. Казан тараптагы кыз-келинди – "*казан аскан кіжі"* деп аташканы маалым. Даяр болгон "араканы" жылуу абалында "тажаурга" (териден жасалган көөкөр сымал идиш) же темир чайнекке куюп алышкан. Казан жактагы аялдар "араканы" эркектерге – үйдүн ээсине же "араканы" куюп берүүчү эркек тууганарынын бирине өткөрүп беришкен (Потапов, 1951: 166).

Боз үйгө келгендер өзгөчө бир эреже боюнча орун алышкан. Үйдүн төр тарабында (алтайча – төр), "эркек жак" жана "эпчи жактын" дал ортолугунда, "оттун башында" (от бажы) боз үйдүн керегесинин каршысында олтурган. Үй ээсинин оң жагында (эркек тарабы) жалаң эркектер жашына карата жайгашышса, сол тарабына – "эбчи" жагына аялдар орун алышкан. Үй ээсинин аялы – "от бажыда", күйөөсүнүн сол тарабында аялдарды баштап олтурган. Эркектер тизесин бүгүп олтурушса, аялдар бир аягын бүгүп олтурган абалда орун алышкан, улгайган кишилер бүгүлгөн эки тизесин кучактап олтурушкан. Боз үйдөн орун алгандар жашына, аброюна карата орун алышы демейдегидей көрүнүш болгон. "Араканы" ичүү аземи кожоюндун сол колуна жыгачтан жасалган аякты (алт."чочой") алуудан башталган. Үй ээси ичимдик толтурулган аякка оң колундагы аты жогун салып, оболу күйүп турган отту, андан соң үйдөгү колдоочу-духтарды "тамактандырып", калганын өзү ичип жиберген (Потапов, 1951: 166). Андан соң, аякты толтуруп оң жагында олтурганга оң колу менен гана сунган. "Арака" куйган үй ээсинин оң жагында олтурган абройлуу же урматталган адам ичимдиктен ооз гана тийип, үй ээсине "уртазар", "уртазар" (кырг. "ичип койюңуз") деген сөз айтып кайтарып берген. Үй ээси кааласа ичип жиберген, кааласа аякты кайрадан жаңылап туруп кийинки кезектеги кишиге ишарат аркылуу оң колу менен узаткан. Идиштеги "арака" түгөнгөндө акыркы ичимдикти "чочойго" куюп туруп оң жактагы олтурганга узатканда, ал "турганы" ("түгөндү") деген сөз менен ооз тийип туруп, кийинки кишиге узаткан. Ошентип, улагага жакын олтурган эркек киши "турганы" деп айтып, "чочойду" үй ээсине кайтарып берет. Үй ээси аяктагы "араканы" толук ичкенден соң, калган тамчыларын коломтодогу күйүп жаткан отко чачып жиберген. Бул олтуруштун аяктагандыгын туюнткан, кошуна-колоңдор орундарынан турушуп үйлөрүнө тарашкан (Потапов, 1951: 166-167).

Алтайлыктардын байыркы салтынан айрым бир этнографиялык параллелдерди байкоого болот. Мисалы, үй ээси тарабынан оң колу аркылуу сунулган аякты кабыл алган тарап оң колу менен кабыл алууга милдеттүү болуп, аяктагы ичимдикти ооз тийгенден соң өзү каалаган кишисине (аялга) сол тизелеп олтуруп, ыр аркылуу ("чочоі, уртазаар маніӊ ол уртазаар") узаткан. Аякты кабыл алган тарап да ыр менен жооп берип, урматтоо иретинде чөйчөктү сол колуна алып, оң колу менен сол тараптагы өрүлгөн чачына колун тийгизген, аялдар болсо оң колу менен сол тараптагы өрүлгөн чачына (чачын көкүрөгүнө коюп) колун тийгизип таазим этишкен (Потапов, 1951: 169). Бул параллелдер кыргыздын ***"ыр кесе"*** салтында сакталып калгандыгын байкоого болот. Белгиленгендей, алтайлыктарга таандык болгон "арака ичүү" жөрөлгөсү байыркы кыргыздардагы (түрктөрдөгү) кымыз ичүү салтынын сакталып калган этнографиялык элементи катары кабыл алууга болот. Кытайдын Суй (681-617 жж.), Тан (618-907 жж.) жыл баяндарында байыркы түрктөрдүн 552-ж.сүрөттөлгөн турмуш-шарты, жашоо образы, анын ичинен көчмөндөрдөгү кымыз ичүү салты эскерилет: "...тукюэлердин (түрктөрдүн – О.К.) кымыз деген ичимдиги

бар, ал башты айландырып мас кылуучу касиетке ээ. Кымыз менен сыйлаган тукюэлер бири экинчисине бет маңдай жүздөшүп олтуруп алышып ырдашат...” (караңыз: Бичурин, 1950. Т.I: 231, 271). Демек, Саян-Алтай VI-VII кк. урууларында кымыз суусундук жана мас кылуучу ичимдик катары пайдаланышкандыгы баяндалат. Алтайлыктардын кымыз ичүү жөрөлгөсүндө байыркы түрк дооруна таандык болгон каада-салттардын, үрп-адаттардын комплекси сакталып калгандыгын көрүүгө болорун Л.П.Потапов өз иликтөөлөрүндө токтолот (Потапов, 1951: 170).

Жогорудагы сүрөттөлгөн орто кылымдардагы чингизиддердин (***ясы жана юсунга*** негизденген) кымыз ичүү церемониалы, андан соңку көчмөн-өзбектердеги “шерда”, “гяп”, алатайлыктардагы “арака” ичүү салтарынан бир кыйла айрымаланган нукта өнүккөндүгү көрүнүп турат. Канткен менен, “үлүш” салты Чыңгыз-хан жашаган доордон алда канча илгерки, алгачкы общиналык коомдо пайда болуп калыптангандыгын изилдөөлөр таасын чагылдырат. Таанымал санжырачы, кесиби тарыхчы Эргешов Турдумамат Жору уруусундагы кымыз ичүүнүн “үлүш” салты боюнча маалымат берген, ошого көңүл бөлөлү.[5] “Мен кыргыздын бул санжыргалуу маанилүү салты менен жашымдан эле тааныш болуп калдым, ушул кымыз ичүү салтына өзүм катыштым. “Үлүш” жегенге 1966-1970 жж. жай айларында, кымыз бышкан мезгилде, бүгүнкү Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Коңур-Дөбө жайлоосунда өзүм катышып, аралашып калдым. Жылдын июнь-июль айлары, жайлоодогу жашоо, ал учурда колхоз-совхоз деген ири чарбалар болор эле, туугандарыбыз (айылдаштар) ошол чарбалардын малы, өздүк менчикке караштуу мал-жандыктары менен жайлоого чыгышчу. Коңур-Дөбөнүн аркы бетинен Алай районуна караштуу малчылар да жайлоого келише турган. Алайлык туугандарыбыз Баргы уруусунун Бакал уругунан экендигин билчүмүн, бири-бирибизге конокко чакырып, боор батырышкан жыргал бир замандар болор эле. Ал Совет доорунда үлүш жегенге жашы улуурак келген аксакалдар катышчу. Кезектешип жыйналган үлпөткө ошол айылдык эле тең чамалаш келген, тууган-урук аваларыбыз катышчу. “Үлүш” жегенге күн мурундан даярдык көрүлө баштаган, союштар (адамдын санына карата 1-2 кой) союлуп, кыргыздын салтындагы тамактар, тоо шартындагы даамдар даярдала турган. Кымыз жетиштүү өлчөмдө жыйналып, кошумча чүйгүн тамактар жасалган. Кыз-келиндер, апалар бул салтка (үлпөткө) дыкаттык менен даярданышчу. Ал кезде жаш мезгилим, бирок, ошол аксакал аваларым (алардын ичинде раматылык атам, анын жакын туугандары да бар эле) мени жашыма карата кымыз узаткыч (“касакүл”) катары дайындашып, жайлоого чыкканда 5-6 жыл ушул “кызматты” (1966-1970 жж.) дилгирлик менен аткарып келдим, салт-санааны көрдүм, каада-салтка көзүм каныкты, жөрөлгөлөргө өзүм катыштым. Чаначтагы кымызды чыныга куюп, мага беришчү, мен болсо төрдө олтургандарга катары менен эки колдоп узатар элем. Эми “үлүш” салтына өтөлү. Жогоруда айтылгандай, “үлүш” жеген топтун саны салт боюнча “бир койлук”, демек 8-10 (11) киши болушкан. “Бийди” шайлашкан, калыптанган тартип боюнча боюнча үлпөттүн катышуучулары төрдө олтурган “бийге” толук баш ийишкен. Бийдин уруксаты менен сөз сүйлөшкөн, сыртка чыгышкан, одоно сөздөрдүн чыгып кетпешине бий көз салып турган. Аяктагы кымызды алгач төрдөгү “бий” ооз тийип ичкенден соң улуулатып узатылган. Башта, жыгачтан жасалган (0.5 л) аякка куюлган кымызды “касакүл” эки колдоп гана улуу-

---

*[5]Эргешов Турдумамат, 1955-ж. туулган, уруусу Чайчи (Ача тамга Жору), Кызыл-Суу айылы, Кара-Суу району, Ош облусу.*

ларга узатып, ишарат менен берген. Бир колдоп аякты узатуу – сыйлабастыкты туюнткан, ошондон улам, “касакүл” аякты (кесени) эки колдоп ишарат менен узатуу керек болгон”. Аякты алган тарап да эки колдоп алууга милдеттүү эле. Эгерде бул шарт бузулса “күнөлүү” тарап сөзсүз түрдө кошумча кеседеги кымызды аягына чейин ичүүгө мажбур болгон[6].

“Дасторкон жайлоонун дүр-дүйнөсүнө, салтка жараша жасалган. Албетте, нан-боорсок, каттама, катырмадан башка эт жана эт азыктары, сүт жана сүт азыктарынан даярдалган тамактар коюлган. Куурдак, шаламат, быжы, жөргөм жасалган. Шаламат – казандагы сары майга эт менен күрүчтү аралаштырып кайнатып бышырылган эн бир даамдуу, чүйгүн тамактардын бири эле. Себеби, кымызды улам ичкен сайын, ичти ачыштырып, ашказан күчтүү, майлуу чүйгүн тамактарды талап кыла баштаган. Ошондуктан, эт менен биргеликте шаламат, быжы, жөргөм сыяктуу тамактарды коюшкан. Кымыз ичилип, бир кызыгандан кийин олтургандар жаштыкты эскеришип, аталардын айткандарын эске салышчу, күлкү жараткан окуяларды айтышып, шайыр олтурушчу. Элдин каада-салттары, адаттары, жөрөлгөлөрү тууралу сөз болот эле, бактылуу, ошол эле учурда кайгылуу доорлорду эскеришчү. Санжыралар айтылып, кошок айткан карыялар жамгырдай төгүлүшкөн замандар эле. Эрежени бузгандар кошумча кеседеги кымыздан ичүүгө милдеттүү болушкан. Эгерде иче албай, төгүп-чачып же кусуп койо турган болсо “күнөөлүү” сөзсүз түрдө өз үйүнө ошол топту чакырып, дасторкон жайып, союшу менен уюштурулган “үлүш” үлпөтүн аткарууга милдеттүү болгон. “Күнөөлүү” бир аз узартып койо турган болсо “өткөндө тууп койдуң эле” (кусуп койгондугу үчүн), “балаң чоңоюп калдыбы, жетилип калдыбы?”, “аскерге качан жибересиң?” – деп шылдыңдап, келекелешкен. Ага уялган “күнөөлүү” сөзсүз түрдө “үлүш тамагын” уюштурган. Бул жагдай тууган-туушкан, тең-туштардын “үлүш тамагын” кайрадан уюштурууга, көңүл ачууга үндөгөн тамашалашкан, азил-чыны аралаш мамилелер болгон. Олтурушта адамдар бир аз кызыгандан соң, 0,5 л. аяктын ордуна андан көлөмү үч эсе чоң (1,5 л.) кесеге кымыз куюп узата баштошат. Ириде, аны толугу менен эч ким иче алчу эмес, төгүп-чачкан, кускандар күлкүгө кабылышкан. Ошол жылдары Алайдан жайлоого чыккан Кабылан-Көлдүк бакалдардын (Баргылар) аксакалдары, орто жаштагылары менен биздин туугандарыбыз бирге үлүш жешет эле. Бирин-бири ак дилден сыйлашып, сыйлуу тамак-аш беришип тамашага баткан мезгилдер болот эле. Тилекке каршы, азыркы учурда ал жайлоолорго чыккан адамдар болбой калды. Олтурушта эрежени бузган кишини “бий” жеке өзү “жазага” тарта алган: “күнөөлүүнү” сыртка алып чыгып ырдатышкан, жаныбарлардын үнү ж.б. тuурап берүүнү “талап кылышкан”. Мезгили келгенде үйлөрүнө тарашып, кийинки “үлүш” олтурушу кимдин үйүндө болору такталып, күндөрү белгиленген. “Үлүш” салты туугандарды жакындаткан, сыйлап тамак берүүнүн жана баарлашуунун жогорку, маанилүү формасы болгон.[7]

“Үлүш” берүү салтынын Алай аймагында кандай уюштурулгандыгы тууралу кеп кылабыз. Кыргыз салтынын Баргы уруусунун Олжоке уругунда кандайча өткөрүлгөндүгүн информатор, партиялык-советтик кызматкер, учурда ардактуу эс алуудагы Саипмамат Маматалиев айтып берген.[8] “Үлүш” салты же “үлүш өткөрүү” (информатордун айтымы боюнча)

[6]*Информатор: Эргешов Турдумамат, 1955-ж. туулган, уруусу Чайчи (Ача тамга Жору), Кызыл-Суу айылы, Кара-Суу району, Ош облусу.*
[7]*Информатор: Эргешов Турдумамат, 1955-ж. туулган, уруусу Чайчи (Ача тамга Жору), Кызыл-Суу айылы, Кара-Суу району, Ош облусу.*
[8]*Информатор: Маматалиев Саипмамат, 1955-ж. туулган, уруусу Баргы (Олжоке), Үч-Төбө айыл өкмөтү, Кежике айылы, Алай району, Ош облусу.*

кыргыздын жайлоо маданиятынын эң жогорку өнүккөн формасы же чогулуп алып тамак жеген, бири-бирине сый көрсөткөн маданий-прикладдык көрүнүш болуп эсептелет. "Мен "үлүш өткөрүүгө" балалык мезгилимден катышып, көрүп калдым. Узак убакыттар бою жайлоого чыккан тууган-уруктар, жээк-жаатар менен сыйлашып ынтымакта үлүш салтын өткөрүп жүрдүк. Жаш жогорулагандан кийин жайлоого чыкпай калдык. "Үлүштү" өткөрүү жайлоодо Чоң Үркөр жылдыз көрүнө баштаган мезгилден тарта өткөрүлө баштайт. Жайдын бул мезгилинде чөптүн баары түгөл гүлдөрүн ачып, айрымдары ал турсун гүлдөрүн төгүп калган мезгилдери болот. Чөп ката баштаганда кымыз күчүнө кирет, мал да оңоло баштаган мезгил келет, малдын аягына суу жүгүрүп, ирдеп калат. Мына ушул мезгилден тартып үлүш уюшула баштайт. Жайлоого чогуу чыккан кошуна-колоңдор, тууган уруктар өз ара сүйлөшүп, кезекти улуулатып сунуш этишкен. Үлүштү өткөрүү үчүн атайын даярдык көрүлөт. Бир апта мурда кошуна-колоңдордон кымыз жыйнала баштайт. Ошол эле учурда кошуналарга белгилүү бир көлөмдө (өздөрү пайдалангандан ашыкчасын) үлүш үчүн берүүнү сурашат. Он күн же бир жуманын ичинде "үлүш" өтө турган күнгө киши башына 1 литрден – 5-10 литрге чейин кымыз жыйналат. Бул күнгө карата арпа, буудай, жүгөрү сыяктуу дан чогултулган. Жайлоодо кайдан дан болсун, аларды түздөгү базарлардан сатып алып барышкан. Дандарды жаргылчакка салып тарткандан кийин жарма, атала, көжө, умач аш сыяктуу дандан жасалган тамактарын даярдашкан. Дасторконго жайлоонун шартында казанга жабылган нан (илгери катырма жасалган), боорсок, каттама ж.б. коюлган. Андан башка сары май, каймак, максым, эт азыкарынан куурдак, беш бармак, быжы, сүт куюлуп бышырылган өпкө (олобо) ж.б. тамактар коюлат. Мен чабаты деген тамактын даярдалганын "үлүш берүү" учурунда көрүп калганым бар. Олтурушта оболу "бийди" жана анын орун басарын шайлап алышкан. "Бий" сыртка чыгып кетсе анын ордун орун басары ээлеген. Айрым учурларда "бий" башкарууну орун басарына тапшырып койгон учурлар да кездешет. "Бийдин" орун басары бий менен биргеликте олтуруштун жүрүшүн, эреже жана тартиптин бузулбашына көз салып турушат. Орунсуз сөздөр, жосунсуз жоруктар чыга турган болсо "күнөөлүүгө" айып салышкан. "Улүш" кымызды ичүүнүн каада тартиби аркылуу жүргүзүлгөн. Кымыз чоң сабаадан чаначка куюлуп, ал "***кесегүл" (касагүл)*** деп аталган жигиттин колуна тапшырылган. Кымыз ичүү каадасы улуулатып башталган, ортолугундагы тыныгуу учурларында тамактар (куурдак, эт ж.б.) берилген. Эреже кымыз ичүү учурунда төгүп-чачып ала турган болсо, же ашказаны көтөрө албай кусуп сала турган болсо да бузулду деп эсептелген. Эгерде эреже бузула турган болсо "күнөөкөрдү" айыпка жыгышкан. "Күнөөкөр" союшу даяр болсо ошол күнү алып келип, союшун союп, этин тарткан, ал күнү үлгүрбөй же мүмкүнчүлүгү жок болуп кала турган болсо жайлоо мезгили бүткөнгө чейин ошол топту үйүнө чакырып мыктылап коноктоого милдеттүү болгон. "Күнөөкөр" өзүнүн "күнөөсүн" жазмайын олтуруштун мүчөлөрү "бала салып койдуң эле!", "төрөгөн балаң канчага келип калды?", "уулуң чоңоюп бой жетип калдыбы?"[9] ж.б. маанилерде такмазалап, анын намысына тийгенге аракет жасашкан. Айыпка жыгылган киши "үлүшкө" катышкан топту чакырып союш, кымыз менен тойгузбайын, "күнөөкөр" адам мойнунда күнөөсүн алып жүрө берет. "Үлүш берүүнүн" негизги максаты коноктorго тамакты мыктылып берип, кымыз ичирип кустуруу эмес, кыргыздын улуттук каада-салт, жөрөлгөлөрүн даңазалоо болгон. Кымыз ичүүнүн, тамак

---

[9]*Информатор: Маматалиев Саипмамат, 1955-ж. туулган, уруусу Баргы (Олжоке), Үч-Төбө айыл өкмөтү, Кежике айылы, Алай району, Ош облусу.*

жегендин, сүйлөшүп олтуруунун, өз ара мамиле жасоонун маданияттары болгон. Эгерде улуулар сүйлөп жатышса, кичүүлөр алардын сөздөрүн бөлбөй кулак төшөп угуп турушкан, айрым учурларда толуктап турушкандыгы белгилүү. "Үлүш берүүнүн" айрым көрүнүштөрү (элементтери – О.К.) "жоро бозого" окшоп кетет, кымыздын ордуна бозо сунулат. Негизги айырмасы, "жоро бозого" негизинен жаш курактагылар биригишет, "үлүштө" болсо жашы улуурак, токтолуп калган эркек кишилер катышары маалым. "Үлүштө" ыр ырдалган, шарт болсо дастандар айтылган, кол ойнотулуп комуз чертилген, ооз комуз, чоорлор ойнолуп, олтуруштун көркүн ачышкан. "Үлүш берүүгө" келгендер майрамдагыдай таза жана жаңы кийимдерин кийип келишкен, кыздар-балдар селкинчек тебишкен, топташ, алтын шакек, жоолук таштамай, ак чөлмөк ж.б. жаштар оюндары ойнолгон. "Үлүш" берген күн ошол айылдагы бир белгилүү майрам күн катары кабыл алынган. Бул мезгилде "улак" спорттук оюну ойнолгон эмес. Себеби, аттар али табына келе элек, чөпката элек мезгил болгон. Ары аш-тойлордун баары тең күз айларында өтөт да, ошондон улам "улак" оюну бул мезгилде ойноо шарттарга байланыштуу ылайыксыз болгон. Анын үстүнө бул мезгилде айгырлардын баары тең үйүрлөргө коюлуп жиберилген. Күз айларына барып минген аттар табына келген. Учурда "үлүш" салтын Алай жергесинде бизден кийинки муундар өткөрүп жатышат".[10]

Ушул анчалык чоң эмес чөлкөмдө кымыз ичүүнүн "Үлүш" салтында айрым өзгөчөлүктөр бар экендиги байкалды. Адигиненин ***Сарттар*** уруусунун өкүлдөрү жашаган ***Көк-Бел (Ноокат), Кайыңды, Шут*** ж.б. айылдарынын жашоочуларынын "үлүш" салты тууралу айтып бергендери мисал боло алары ырас. Информатор Абибилла Раевдин билдирүүсү боюнча "үлүш" деген сөздүн түпкү мааниси "жыйын", "жыйналыш", "чогулуш", "туугандардын биригүүсү, үлүш кошуусу", "туугандардын жыйналып олтуруусу" дегенди туюнтат.[11] "Оболу, "үлүшкө" кандайча жыйналышкан, ошону айтып берейин. "Үлүштү" уюштуруу үчүн алгач жакшы союш даярдалат, албетте өзүнүн кымызы элге жетпесин билип туруп, кошуна-колондон мейман келе турган убакытка карата кымыз чогултулат. Жайдын күнү, жайлоодогу "үлүш" олтурушу кыргыз үйдө (боз үйдө) уюштурулат, адамдардын саны бир койлук болушу, болжолу менен 10-15 адамды түзөт. Эң алды "үлүштө" олтургандарды жетектөө үчүн "бек" шайланат. Айрым учурда "бий" деп да айтып жүрүшөт. Андан соң "бектин" орун басары катары эсептелген, кымыз куйган адамды – "касакүрдү" шайлашат. Анын аткарган функциясы – "бектин" гана сөзүн угуп, кымыз куюу менен катар анын айтканын аткарган киши болуп эсептелет. Андан кийин "үлүш" олтурушунун "эрке баласы" шайланат. "Эрке бала" олтурушту "бек" менен катар көзөмөлдөгөн, кимдин канча, кандай денгээлде кымыз ичкедигин, кетирген "айыптарын" (күнөөлөрүн), олтуруштун эрежесине дыкат көз салган милдеттерди (функцияларды) аткарган. Чындыгында, "эрке балага" эреже жана тартиптин бузулбашына көз салган жооптуу иш тапшырылат. "Үлүштө" кымызды "касакүр" оң тарапта олтургандарга оң колу менен узатат (сааттын жебесинин каршысына карай), кымыз куюлган аякты кабыл алган адам эки колу менен кымыз аякты кабыл алууга милдеттүү болот. Эгерде жаңылып бир колдоп алса "айыпка" жыгылат. Кымыз аяк эки кол менен кабыл алынат, эки колу менен ичилет. "Бек" тартиптин бузулганын байкап калса, кымызды өзүнөн сол тарапта олтургандарды кайрадан башынан ичиргенге "укугу" болгон. "Үлүштүн" катышуучулары "бектин уруксатысыз сыртка чыга алган эмес, эгер чыга турган болсо анын жашыруун жылга (кокту)

[10]*Информатор: Маматалиев Саипмамат, 1955-ж. туулган, уруусу Баргы (Олжоке), Үч-Төбө айыл өкмөтү,-Кежике айылы, Алай району, Ош облусу.*

[11]*Информатор: Раев Абибилла Абылович, 1969-ж. туулган, уруусу Сарттар, Көк-Бел айылы, Ноокат району, Ош облусу.*

жакка басып кайт кылып келүүсүн (кусуп жиберүүсү) болтурбоо үчүн байкоочу жаш балдарды артынан жиберишкен. Сыртка чыккандардын кыймыл-аракетин, кымыз ичүүдөгү эреженин сакталуусун “эрке бала” дыкат көз салып, көзөмөлдөп турган. Эрежени бузгандар, көбүнчө кымызды ашказанына батыра албай кусуп салгандар сөзсүз “айыпка” жыгылышкан. Айыпка жыгылгандар башта белгиленгендей, союш союп, дасторкон жайып “айыптарынан” (“кетирген күнөөлөрү”) кутулушкан. “Үлүштө” олтуруп, кымызга аябай тоюп алгандар “чийме” деген белгини (көкүрөгүн чийип көрсөтүшкөн) ишарат менен жаңсап көрсөтүшкөн. Бул “башка иче албай калдым” – дегенди туюнткан. “Чийме” белгини көрсөткөндөр да “айыпка” жыгылышып, союш союп, “үлүш” өткөрүүгө милдеттүү болуп калышкан. Эгерде “айыпкерлердин” ошол күнкүгө шарттары болсо, анда союшун союп, кымызын бере алышкан. Ошентип, бир эле күндө 4-5, балким 7-8 чейин кой союлган учурлар да болгон. Дасторкон салт боюнча жасалган, нан-боорсок, каттама, каймак, айран, сары май, быжы, өпкө, куурдак ж.б. даамдар менен толтурулган. “Үлүш” олтурушу бир аз узакка созулуп, кымыз жетпей кала турган болсо ак (айран) ичиришкен. Мындан сырткары, кымыз ичип жаткан мезгилдин ортолорунда сары май куюлган аякты айландырышкан, ошол сары майды катарлап кезеги менен ичишкен.

“Кызыктуусу, “үлүштөгү” олтургандарга кымыз тартуу алардын жашына, коомдогу ээлеген ордуна каралбайт. Оболу, кымызды “касакүр” өзү ооз тийип, андан соң, оң тараптагы биринчи олтурган кишиден баштайт. Кымыздын биринчи аягын (кесени) келгендер каалагандай ичишет, айрымдары толук, айрымдары ооз тийип тим болушат. “Касакүр” тарабынан куюлган экинчи кымыз аякты баары тең четтен аягына чейин ичиши зарыл. “Бек” кымызды кааласа ичет, ошол эле учурда “касакүр” да кымызды көп ичпейт. Ошол учурда кезеги келген “үлүштүн” катышуучусу кымызды иче албай калса, “өтүнүүгө” акылуу болгон, ал кошуна олтурган же каалаган кишиге “бектин” жеке уруксаты менен өзү иче турган кымыз аякты ичип коюсун суранып узата алган. Бирок, “узатуучу” ордунан туруп эки колдоп гана аякты берүүгө милдеттүү болгон. Олтурушта жогоруда белгиленгендей “эрке баланын айтканы эп болот”. “Эрке бала” үлүш жегендерге кыйытып сөз айтканга, тамашалаганга, калп болсо да “эреже бузду” дегенге, кошумча каймак-май, айранды ичип жибер деп кыстаганга акылуу болгон. Ошондон улам эл арасында “эрке баланын айтканы эп болот!” деген лакап сөз сакталып келет. “Эрке бала” сыртка чыккандарды “аңдып” акмалап турган, эреженин бузулбашы үчүн катуу көзөмөл жасаган”.

“Биздин Шут, Көк-Белдин үстүндөгү Эш деген жайлоолордо болот элек. “Үлүш” олтурушу тууган-туушкандыктын, досжарлыктын бекемделишин аныктаган салт. Кыргыздын байыркы түптүү жана маанилүү салттарынын бири болуп саналат. Ал убактарды адамдардын пейили кеңири болучу, келген адамга, чатырдын жанынан кыйып өтүп кетип жаткан жолоочуга ысымын сурабай кымыз бери, нан ооз тийгиздирет эле. Ал мезгилдер кой үстүнө торгой жумурткалаган доорлор болучу” – деп эскерет информатор Абибилла Раев.[12] “Үлүштө” эреже бузулуп, ашказанга батпай кусуп койгон кишини “жыгылган айыпты” оңдош үчүн союш союп, үлүштү уюштурбаса “балаң чоңоюп жатабы?”, “канча жашка келип калды?”, “балаңы ала кеткин!” - деп тамашалашкан. Айыпка жыгылган үлүш олтуруштун мүчөсү союшу, кымызы менен үйүнө чакырса “жентекке” баралы деп тамашага салып барышкан. Үйдүн ээлери кымызга тоюп үйүнө кетүүгө

*[12]Раев Абибилла Абылович, 1969-ж. туулган, уруусу Сарттар, Көк-Бел айылы, Ноокат району, Ош облусу.*

камынган киши атка олтурганда да “ат аяк” деп кымыз узатышкан. Бирок, бул сыноону көпчүлүгү көтөрө алган эмес. Өзгөчө, аттын үстүнө олтургандагы “ат аяк” деген кыстоосу татаалга турган.[13]

Кымыз ичүүнүн “үлүш” салты Кара-Кулжа аймагынын Алайку өрөөүндө кандайча эреже, тартип менен уюштурулганы мурдагы советтик-партиялык жана чарбалык кызматкер Исираилов Мурзали ажынын айтып бергендерине токтолобуз: “Кыргыздар байыртадан келе жаткан терен тарыхы жана маданияты бар калк болуп саналат. Кыргыздар кийим кийүүдө, тамак-аш жасоодо, аны берүүдө да өз маданиятын, уңгулуу каада-салттарды пайдаланышкан. Кийим кийүүнүн, тамак-аштын жештин, анын тартуунун да өз маданияттары, калыптанып келген жолдору болгон. Тамак-аштар, анын ичинен суусундуктардан кымыз менен бозо озгөчө орунда турат, алар адамдардын денесин ысытуучу касиетке ээ болушары маалым. Суусундуктарды ичүүнүн өзүнүн каада-салты, жол-жоболору, маданияты болгон. Кыргызда тууган-урук, алыстан келген конокко, дос-жоро биригип өткөргөн, бирин-бири чакырып, кадимки майрамдык денгээлге, той сыңары өткөрүлгөн кымыз ичүүнүн салты – “үлүш” салты болгон.[14] Бозону – “жоро бозо” деп аталган өз алдынча каада менен ичишкен, бул мезгил кеч күз жана кыш учуруна дал келген. “Үлүш” – кыргыздын байыртадан келе жаткан маанилүү бир каада-салттарынын бири. “Үлүш” ичүү же ага катышуу июнь айынын аяк чендери, июль айынын башталышындагы мезгилдерге, жай толуп, чөптөр бышкан учурларга туура келет. Айлана-чөйрө килем сыяктуу коолдукка бөлөнүп, жердеги чөптөр бышып, быша жаздап, жайлоо кулпуруп калган мезгил болот. Жайлоого чыккан тууган-урук, кошуна колоңдор биригишип, өз ара сүйлөшүп “үлүш” ичүүнү уюштурушат. “Үлүштү” оболу колунда бар, дараметтүү адамдар баштап беришет да, жайлоо шартында кезеги менен улана берет. “Үлүшкө” даярдануу түйшүгү өзгөчө болгон. Ириде, өзгөчо кымыздын сапатына карашкан. Оболу, сабааларды, серке чаначтарды даярдашып, ышташкан, аларды дыкаттык менен майлашкан. Кымызды 3 күндүк, 5 күндүк, 7 күнүк, 10 күндүк кылып ачытышкан. Кээ бир учурларда кымызды бир айлык убакытка чейин ачытышканы белгилүү. Кымыз канчалык узак ачытылса, ошончолук күчтүү чыккан, кымыздын ачытылышына өзгөчө маани беришкен. Чаначты, сабаларды ыштоонун да өзгөчө тартиптери, ыкмалары болгон. Чаначты жана сабааларды шыбак менен, табылгы, карагайдын тобурчугу, арчанын көк парки менен ышталган. Алардын ичинен эң мыктысы карагайдын тобурчугу, табылгы өсүмдүгүнөн ышталгандары болуп эсептелет. Анткени, карагайдын тобурчугу жана табылгы менен ышталган чанач менен сабааларда ачытылган кымыздар өтө ачуу эмес, абдан даамдуу болуп жетилет. Шыбак жана арча менен ышталган чанач жана сабаадагы кымыздар ачуураак болуп калат.”

“Эгерде бир үйдүн топтогон кымызы аздык кылып калса, анда кошуна-колоңдор жардамга келишкен. “Үлүш” кымыз ууз болуп турган мезгилде же Үркөр жылдыз чыга элекке чейинки учурда өткөрүүгө аракет жасащкан. Себеби, бул мезгилде кымыз өто даамдуу (ширин) болуп жетилген. Үркөр жылдыз чыккан мезгилде чөп жетилип, бышкан мезгил болот. Бул мезгилде жасалган кымыз ачуурак (кычкыл) болуп калат. Бул мезгилдеги даярдалган кымыз адамдын денесине бир аз жагымсыз болуп калары маалым. Ошондуктан, “үлүштү” кымыздын ууз мезгили, Үркөр жылдыз чыга элекке чейинки мезгилде, календарь менен санаганда июнь айынын баш чендеринен баштоого маани беришкен

[13] *Райимов Мамасали Баетович, 1978-ж. туулган, уруусу Сарттар, Кайыңды айылы, Көк-Бел а/а, Ноокат району, Ош облусу.*

[14] *Исираилов Мурзали-ажы, 1947-ж. туулган, санжырачы, санжыра жыйноочу, Бөрү уруусу, Бабаке аталыгы, Байтору (Анда-Каражылкы), Күйөө-Таш айылы, Кара-Кулжа району.*

кыргыздар. “Үлүш” өткөрүүнүн тартиби өтө жөндүү жана маанилүү болгон. “Үлүшкө” келгендер майрамдагыдай таза жана жаңы кийимдерин, тапкан кийимдерин кийип келишкен, шандуу олтурушкан. “Үлүшкө” катышуу жаш өзгөчөлүктөрүнө да байланыштуу болгон. Ошондуктан, “үлүшкө” курбалдаштар, көңүлү жакындар болуп бөлүнүшкөн. “Үлүшкө” айыл аксакалдары катышышкан, албетте, мындай олтурушка жаштар, кыз-кыркындар катыша алышкан эмес. “Үлүштө” санжыргалуу сөздөр, бабаларды эскерген аңгемелер, санжыралар айтылган. Өзгөчө элдик санжыраларга маани берилгени белгилүү. Комуздун күүлөрү чертилген, ооз комуздар ойнолгон, шарт болгон учурларда дастандар айтылган. Аксакалдар кеп жешип, тамашалуу сөздөрдү, болгон окуяларды, аңгемелерди айтып олтурушкан. Булардын баары тең жаштар үчүн чоң сабак жана тарбия болгондугу ырас”. “Үлүштүн” башталышында оболу “бийди” шайлап алышкан, “бийдин” – “оң канат” (оң колдогу) жана “сол канат” (сол колдогу) аттуу эки жардамчысы болгон. Мындан сырткары, кымызды куюп, жеткирип берген “касакүл” дайындалган. Олтурушта мурдагы мезгилдерден келе жаткан эрежелер боюнча ички тартип сакталган, ашыкча жана туура эмес айтылган терс сөздөргө, ордунда олтурбай улам туруп кеткендерге, кымыз ичүүнүн тартибин бузгандарга дыкаттык менен көз салынып турган. Дасторкон абдан даамдуу тамактар менен жасалган. Нан-боорсок, куймак, каттама, катырмалар жасалган, кошуналар, айылдаштар дасторкон жасаганга жардамга келишкен. Тамакты түрлөп жасашкан, куурдак жаңы союлган тайдын, козунун этинен жасалган. Тамактын эттен жасалган башка түрлөрү да коюлган. “Үлүшкө” арнап атайын союштар даярдалган. “Касакүл” кымызды оболу баарына тең бирдей куйган. Куюлган кымызды ичишкенден соң, “сыдырма” дегенге өтүшкөн. “Сыдырмада” кымыз белгиленген бир гана аяк менен “касакүл” тарабынан узатылат да, кезеги менен ичиле берет. Ушул учурда “бийдин” оң жана сол канаттагы жардамчылары көзөмөлдөп жардам берип турушат. Тамакты тартуу да өз мезгилине, саатына карата берилген. “Үлүштүн” аяк чендеринде кымызды кыстаганга чейин барышкан. Кымызды толук иче албай, кайт кылып (кусуп) койгондорду “айыпка” жыгышкан. Булардын баарын “касакүл” жана “бийдин” оң жана сол жардамчылары байкап, көз салып турушкан.

“Үлүштүн” дагы бир маанилүү касиети – оюн-зоок жана спорттук мелдештердин уюштурулушунда болгон. “Үлүштө” аксакалдардан башка жаштар да катыша турган болушса, анда кыргыздын улуттук оюн-зооктору, эр-эңиш, балбан күрөш сыяктуу мелдештер, кыз-кыркындар катышкан жоолук таштамай, топ таш ж.б. оюндарды уюштурушкан. “Үлүштө” союшка өзгөчө маани беришкен. Колунан келгендер тай союшкан, эрте жаздагы козулар “үлүш” мезгилине чейин бычакка жарап калышкан, ошолорду союшкан. Кышы бою кашекилеп токуларды багышкан, жаз бою чөп бышкан мезгилге бул койлор семирип калган мезгил болгон. “Үлүштү өткөрүү” кезек-кезеги менен уюштурула берген.

Алгачкы общиналык коомдун доорунда жашаган адамдар жырткыч жаныбарлардан аң уулоонун ыкмаларын, ички социалдык алакаларын үйрөнүүгө аракет жасашкан. Бөрүнүн жашоо образын, үйүрдөгү ынтымак жана тартип принциптерин, бөрү үйүрүнүн коллективдүү аң уулоодогу өзгөчө ыкчамдыгы, айлакерлиги, жырткычтын чыдамкайлыгы жана атаандашы менен акыр-аягына чейин күрөшүүсү, баш ийип, моюн сунбаган көктүгү, шамдагайлыгы, дем чыгарбай өлгөндүгү, үй бүлө куруудагы туруктуулук адаттары адам баласын кайсыл гана аймакта жашабасын таң калтырган. Айбанаттар дүйнөсүндөгү бөрү жаныбарынын феномени адамдарды бул жырткыч жаныбардан жашоону, аң уулоону, аскер өнөрүн ж.б. үйрөнүүгө мажбурлаган. Бөрүгө бийликтин символу жана кудай (согуш кудайы) катары табынышкан, анын атын атоого табу (тыюу) салынган, ошондон улам карышкырдын каймана маанидеги

ар кыл аталыштары келип чыккан. Согуш кудайы же “эркектер союздарынын” колдоочусу болгон Чагылган (Мама калдырак) кудайы адамдарга бөрүнүн образында көрүнгөн. Прохоров маданияты (б.з.ч. IV-II, б.з.ч. VIII-III кк.), Таштык (б.з.ч. III, б.з.V кк.) маданий доорлору заманында жашаган адамдар коомунда бөрүгө табынуу өнүккөн. Прохоров маданияты доорундагы жашаган сак (скиф), эрте сармат жана кечки сармат урууларында бөрүгө ж.б. жырткыч жаныбарларга сыйынуунун диний-философиялык негизи өнүгүп калыптанган. Скифтерге жана сарматтарга таандык болгон археологиялык эстеликтерде жаныбарлар мотивдери үстөмдүк кылса, тескерисинче, кошуна Түштүк Сибирдин маданияттарында анын ичинде кыргыздарда өсүмдүктөр мотивдери басымдуу болгондугу белгилүү. Аталган тарыхый доорлордо жашаган адамдар коомунда адабияттарда баяндалгандай “эркектер союздары” калыптана баштайт. “***Эркектер союздары”*** деген эмне? Илимий адабияттарда “***эркектер союздары”, “жаштар союздары”, “курракташ союздар”, “жашыруун союздар”*** деп аталганы менен, баары тең бир маанини туюнтат. Ал оболу, алгачкы общиналык коомдун шарттарында келип чыккан эркек аңчылардын жаш курагына карата калыптанган топтору, биримдиги. Жаш курагына карата түзүлгөн аңчылардын биримдиктери, коомдук мамилелердин өнүгүүсү менен куралдуу аскердик катмарга (кошуун, дружина) өсүп чыккан. Тарыхый-этнографиялык булактарда жаш курагына карата уюшулган эркектердин топторун “эркектер союздары” деп аталат. Бүгүнкү кыргыз тилинде “тең курактагы эркектердин ынтымагы”, “жоролор”, “шеринелештер” маанилеринде чечмеленет. Кошуна өзбек жана тажиктерде “гяп”, “гаштак”, “шерда” ж.б. формаларда айтылат (Снесарев, 1963: 181-182). Аталган терминдердин маанилерине өз алдынча токтоло кетебиз. “Эркектер союздары” аты аныктап тургандай жаш балдардын тестиерлик мезгилден жогорку курактык топко, башка социалдык катмарга өтүүсүн аныктаган.

Алгачкы общиналык коомдун шартында эле колуна курал кармай алган эркектердин баары тең уруудагы (уруктагы) жоокер жана аңчы катары кабыл алынган. Туруктуу аскерлер же элдик кошуундар (ополчение) келип чыкканга чейинки доордо жогоруда белгилегендей “эркектер союздарынын” негизин аңчылар түзүшкөн. “Эркектер” катмарына өтүү үчүн тестиер балдар атайын аскердик ж.б. көнүгүүлөр, дене тарбия боюнча ар кыл сынактарды (инициация) тапшырышкан. Б.з.ч. VIII - IV кк. Байыркы Грецияда (Афины, Спарта) эң алгачкы “эркектер союздары” тууралу маалыматтар баяндалат (караңыз: Андреев, 2004: 89). Боз улан курагына жеткен эркектер жаш курагына ылайык топтолушуп, шаардан ыраак жердеги тоолуу-таштуу жерлерде атайын лагерде жашоо менен бирге аскердик, дене тарбия көнүгүүлөрүн аткарышкан, жеген тамактарын өздөрү даярдоого, ачкалыкка, кыйноолорго чыдоого тарбияланышкан, белгилүү философтордун, илимпоздордун эмгектеринен кабардар болушкан. Белгиленген убакыттан жана атайын даярдыктардын соңунан кийин шаардын борборуна жыйналган элдин алдынан салтанаттуу түрдө топ-топ болуп өтүшкөн. Даярдыктан өткөн жана курал кармоого укугу бар боз улан “эркектер союзуна” кирүүгө же ал уюмду түзүүгө, үйлөнүүгө, шайлоо жана шайлануу укугуна, муниципалитетке жумушка орношууга укук алган. Демек, атайын инициациядан өткөн эркек коомдун тең укуктуу мүчөсү, коргоочусу болуп калган. Байыркы скифтер (сактар) жана сарматтарда жаштардын союздары болгондугун, куралданган жаштардын топтору аңчылык жана кошуналарга кол салып талап-тоноо менен жашагандарын тарыхый булактар ырастайт (караңыз: Погребова, Раевский, 1997:15). Мисалы, байыркы ассириялыктарда жаш курагына ылайык, атайын инициациадан соң уруудан бөлүнүп чыккан жаштардын тобун “бөрү-иттер” деп аташкан (Иванчик,

1988:40- 41). Жоокердик курактагы эркектер тобуна кошулууда жырткыч жаныбарлардын, айрыкча карышкырдын сапаттарына ээ болуу өзгөчө бааланган. Атайын сыноолордон өткөндөргө социалдык топко мүчө экендигин, коомдогу ордун аныктаган жырткыч жаныбарлардын, анын ичинен карышкырдын символ-белгилери, атрибуттары ыйгарылган (Евсюкова, 1988: 28-29). Илимпоздордун белгилегендерине караганда коомдогу "мыкты адамдарды" аныктаган атрибуттар бара-бара социалдык топтун символ-белгилерине айланган, бул көрүнүш "эркектер союзуна" атайын сыноолордон (инициация) өткөн, сыноолорго туруштук бере алган адам гана мүчө боло аларын туюнткан, символдор анын ээси болгон эркектин коомдогу ээлеген социалдык статусун да аныктаган. В.Добжанскийдин пикирине караганда коомдук бул процесстер эрте көчмөндөрдүн катардагы жоокерлеринин ичинен элитанын же тандалган жоокерлердин бөлүнүп чыгуусун шарттаган эле. "Бөрүлөр" статусун алган гана эркектер мындай атрибуттарды алып жүрүүгө акылуу болушкан. Тактай өтчү маселе, оболу жогоруда аталган атрибуттар аңчыларга таандык болсо, кийинчерээк, социалдык мамилелердин өнүгүүсү (эволюциясы) менен бирге, аталган өзгөчө атрибуттар аскердик элитага гана таандык болуп калган (Добжанский, 1990: 68). Эркектер союздары жана анын ичиндеги аткарылган ритуалдар (каадалар), мифтер индоевропа элдеринде (герман, индо-иран, балт-славян), грек, латын, кельт ж.б. дурус иликтенген. Иликтөөлөрдө "эркектер союздарында" бөрү-иттин образы өзгөчө орунда тургандыгы далилденген. Эркектер союзунун колдоочусу болгон Кудай-жоокер – бөрү образында чагылдырылган; эң маанилүүсү союздун ичиндеги эркектердин баары тең бөрү катары кабыл алынган. Жаш улан-жоокерлерди карышкырга (жоокер-карышкыр) айландыруу же "үйүргө кабыл алуу" магиясы учурунда бөрүнүн кыймыл-аракеттерин элестеткен бийлерди аткарышкан, бөрүгө айлануу максатында анын терисин кийишкен, транска түшүү максатында сома (хаома) сыяктуу наркотикалык ичимдиктерди колдонушкан. Бул учурда жаш жоокерлер конуштан сырткары жерлерде "бөрү" жашоосу менен күн көрүшүп, аскер ишине көнүгүшкөн, башка кошуна урууларга кол салып, талап-тоноолорду ишке ашырышкан (Иванчик, 1988:40-41). Инициация учурунда "бөрүгө аңчылык жасоо" ритуалы ишке ашырылган, улан-жоокер ритуал учурунда "жоокер-карышкырга" кубулган. Ритуалдык аңуулоо шартында "бөрүгө" кубулган жоокерге белги-символ же атрибут катары карышкырдын териси жана башы тапшырылган (караңыз: Бондаренко, 2014: 153). "Бөрүнүн" терисин жамынгандан соң, жоокер жырткыч айбанга же карышкырга кубулган, ошентип жоокер бөрүнүн образы менен жашоого милдеттүү болуп калган. "Бөрүлөр үйүрүнө" кабыл алынган улан кармашта жеңилбес бөрүгө кубулуп, карышкырлар үйүрүнүн мыйзамдары менен жашоого өткөн.

Карышкырга "аңчылык кылуу" жоокерди символикалык түрдө "бөрүгө" айландырган, бөрү үйүрүндөгү тартипке, бөрүлөрдүн аң уулоо тактикасын согуштук өнөргө колдонууну, үйүр ичиндеги бөрүлөрдүн социалдык алакаларын үйрөнүшкөн. Ооба, карышкыр табияттан куралдуу жоокердин идеалдык образына төп келген. Адамдар бөрү жаныбарынын төмөнкү психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, кыймыл-аракеттерине көңүл бөлүшкөн: а). Жырткычтын күнүнө 40 км. ашык аралыкка чейин аң уулоого чыгышы, аңды (мисалы, койду) үстүнө арта көтөрө качышы; изден-изге жүрүшү аркылуу үйүрдөгү карышкырдын санын тактоо татаалдыгы; аң уулоо учурунда өтө сак болушат, алгач таанылган айбанга бир канча убакытка чейин кол салууга жакын жолошпой дыкаттык менен үйрөнүшөт;б).Карышкырдын башынын, кулактарынын, куйругунун кыймылы, көз карашы ж.б. аркылуу белги берүүнүн татаал системасынын болушу; в). Бөрүлөр үйүрүнүн ичиндеги өзгөчө алакалар,

иерархиялык чөйрө, көп катмардуу элиталык топтор аркылуу үйүрдү башкаруу; айрым учурларда үйүрдүн дөбөт жетекчисине баш ийишет, айрымдарында “тең укуктуулук” сакталат, үйүрдөгү ич-ара араздашуу бөрү коомунда сейрек көрүнүш, көз карашы, кыймылы жана үн чыгаруусу аркылуу эмоциясын билдирет; белгилүү болгондой карышкырлар эч качан өздөрүнүн күчтүү жана ынтымакта экендигин ачык көрсөтүшпөйт, бирок, иш жүзүнө келгенде ийгиликтүү түрдө далилдешет; г). Карышкырлар уулуган учурда өз абалдарын билдиришип, баарлашышат. Сактар (скиф) доорундагы эрте көчмөндөрдүн искусствосунда жырткыч жаныбарлар, анын ичинен бөрүнүн образы үстөмдүк кыла баштайт, мурдагы хтоникалык жаныбарлардын элестеринин ордуна курал-жарактарга карышкырдын образдары чегиле баштаган. Жырткыч жаныбарлардын ичинен карышкырдын образы жогорку бийликтин жана аскердик эрдиктин символу болуп калыптанган. Байыркы Персиядагы Авестанын текстеринде “эки аяктуу бөрүлөрдүн” жеңип алуулары жөнүндө баяндалат (Иванчик, 1988: 41). Булар Кичи Азия жана Персияга чабуул жасаган сактар (скифтер) болушкан. Кичи Азияда (азыркы Түркиянын аймагы) жашаган калктардын эң бир коркунучтуу душмандары болгон киммерийлерди “эки аяктуу бөрүлөр” – сактар (скифтер) жеңип алышканы маалым. “Эркектер союзун” түзгөн сактар Ишпакайдын жетекчилиги астында үстүнө карышкыр терисин, төбөсүнө бөрүнүн башын коюп алышып чабуул жасашкан. Бөрү терисин жамынган сактардын атын угушкан Кичи Азиянын эли үрөйлөрү учуп, башаламандыкта алдастап качкандарын грек булактары эскерет. Коомдогу статусу бар элитаны айрымалап турган белгилердин бири – денесине татуаж же татуировка салуу расмиси да колдонулган. Байыркы сарматтар коомдогу ээлеген өзгөчө статусту белгилөө максатында татуировканы жана өсүмдүктөрдөн жасалган бойокторду пайдаланышкан (Нефедкин, 2018:84).

Алтайдагы Пазырык деген жердеги археологиялык казууларда б.з.ч. V к. таандык болгон эстеликтер табылган. Адамдардын жакшы сакталган мумияларынан окумуштуулар денеге чегилген, жаныбарларды жана куштардын элестерин чагылдырган көп сандаган татуировкаларды табышканы илимге белгилүү. Белгилүү археолог Н.П.Грязнов Пазырык V ж.б. көрүстөндөрдө сөөктөрү табылган татуировка чегилген эркек адамдарды коомдогу жогорку статусу болгон жетекчилер, жеке күрөшкө түшкөн балбандар деген пикирди айткан (Грязнов, 1961: 7-61). Н.П.Грязнов Пазырык маданиятындагы эстеликтерди енисей кыргыздары боюнча кытай булактарындагы маалыматтар менен салыштырган. Кытайдын Тан династиясынын (б.з. 618-907 жж.) “Тан-шу” булагы енисей кыргыздарынын мамлекети, мамлекеттик-башкаруу системасы, социалдык топтору, кызмат орундары, чарбасы, үрп-адат, каада-салттары ж.б. маалыматтарды баяндайт. Кытай жазма булагы: “...аялдардын саны эркектерге караганда көбүрөөк, эркектери кулактарына сөйкө тагышат. Алар (эркектер) туруктуу жана эр жүрөк келишет. Алардын ичинен эр жүрөктүүлөрү денелерине татиуровка салдырышат, аялдар турмушка чыкканда гана моюндарына татуаж чектиришет... Биринчи айды “Б(м)ао-ши ай” (“баш ай” - март айы) деп аташат... (Таскин, 1968: 41). Демек, жогорудагы маалыматтардан татиуровка да социалдык абалды чагылдырганын байкоого болот. Байыркы кыргыз коомунда “эркектер союздары” болгондугу талашсыз. “Эркектер союздарынын” мүчөлөрү коомдун элитасын түзүшкөн. Аскердик жана административдик жетекчиликтеги “бөрү” статусуна ээ болгондор кошумча “эр-жоокер” деген наамды алып жүрүшкөн. Кыргыз жазуу эстеликтеринде “эр атым Сангун Бөдбү”, “эр элем”, “эр (жоокер) болдум” ж.б.у.с. саптар жыш кездешет. Ириде, эстеликтердин дээрлиги каган үй бүлөсүнө, мамлекеттик белгилүү эрлерге, өлкө үчүн кызматы сиңген адамдарга багышталып тургузулгандыгы ырас.

Барлыктагы биринчи эстелик Элегестин Улуг-Кемге (Енисейдин бир куймасы) куйган жеринен (Тува) табылган: 1) эр атымды таптым. Эрдемдүүлүгүм (үчүн); 2) Мен өзүм Йигин Алп-Туран алты аймактуу (уруу) журтумдан он үч (жашымда) айрылдым. 3) Бектин эркин (бийлигинен), сиздерден айрылдым (Орхон-Енисей тексттери, 1982:148). Мында он үч жашында атайын сыноодон өткөн кыргыз уланы тууралу сөз болот. Барлыктагы экинчи эстеликте: 1) Мен Күни Тириг, үч жашымда атасыз болдум. 2) Даңктуу Тутук агам мени тарбиялап өстүрдү (эр жеткирди). 3) Муңсуз Эрлердин ичинде (Эркектердин арасында) мен элем (муңсуз элем). 4) Өргөдө(гү) канышамдан айрылдым, апамдан (эжемден) айрылдым (Орхон-Енисей текстери, 1982: 148-149). II Түрк каганатынын негиздөөчүсү Кутлугдун (Элтериш-каган) уулу болгон атактуу Күлтегин (684-731 жж.) өз эстелигине (Кошо Цайдам, Монголия): "...жети жашымда жетим калдым, он жашка толгонумда эр аты болгон "Күлтегин" атына ээ болдум; Умай-эне сыяктуу энем эркек жана эр (жоокер) болгонума кубанды" – деп Йоллыг-тегинге жаздырган. 46 жашында 734-ж. дүйнө салган Күлтегин 10 жашка толгондо алгачкы ирет ууга чыгып, аң атып алган. Бул ритуал колуна курал кармап, жоокер болууга уруксат берилгендигин, кошумча Күлтегин атын кабыл алгандыгын чагылдырган. Элегестеги (Тува) жазуу 39 жаштагы даңктуу эр Ток Бөгүгө арналган. Жазуудагы маалыматтарга караганда Ток Бөгү мамлекеттин жетекчиси же жогорку кызматтагы адам болгон, теги каган үй бүлөсүнөн чыккан. "Бөгү" – акылдуу, айлакер маанилерин берет, болжолу атайын ыйгарылган кошумча лакап ат болуусу мүмкүн. Эстеликте: 1) Өргөөдөгү канышам, аттигинин, өз уулум сиздерден айрылдым; 2) Менин жүз эрге тете келе турган күчүм бар эле, мен жүз эр менен биргеликте согуштум (сиздерден айрылдым, өлдүм); 7) Кара (калың) журтум кайраттангын, эл (мамлекет) заңын (мыйзамын) бузба...; 10) Төрт аяктуу жылкым, сегиз аяктуу малым бар (үчүн), муңум-кайгым жок эле (Орхон-Енисей текстери, 1982: 152). Бегре дарыясынын жанынан табылган кыргыз жазуу эстелигинде (Е-12) Табгач (Тоба-Вэй же Кытай империясы) элине, каганына (императоруна) барган, ошол жерден 15 жаш курагында (эр болгондо) билим алган, кадыр-баркка, илимге ээ болуп, Табгач (кытай) кызына үйлөнгөн Төр-Апа Ичреки аттуу тектүү эр жөнүндө сөз болот. 15 жашында эр (жоокер же "бөрү") болгон Төр-Апа Ичреки 67 жашында дүйнө салган. Эстелик жазууда анын жоокер (эр) болгондугу, жылкы жаныбарын кастарлаганы, "жети бөрү өлтүрдүм, барс менен кийикке (элик) кол салбадым, колумда бардар, сансыз төрт түлүгүм бар эле" деген арманы айтылат. Кыргыздар Көк түрктөргө (689-744 жж.) каршы Кытай (Тан династиясы, 618-907 жж.), карлуктар, Түргөш мамлекети жана Тибет менен согуштук союз түзгөндүгү маалым. Ханзаада Күлтегин жана полководец Тоңйокук (Юаньчжень) жетеген аскерлер союздаштарды, анын ичинен кыргыздарды 710-ж. декабрдын соңку күндөрү, 711-ж. баш чендеринде жеңип баш ийдирген. Кыргыздар каган Барс-бектин жетекчилиги астында түрктөр менен үч ирет салгылашуу майданында беттешишкен. Мында аскер башчысы жана эр ("бөрү") Төр-Апа Ичреки "жети бөрү өлтүрдүм..." деп айтканы көк түрктөр менен болгон аскердик кагылышууларды баяндайт. "Бөрүлөр" – Ашина тегинен чыккан түрктөрдүн аталышы болгон. Кытайлар Чыгыш Түрк каганатынын (581-630 жж.) түрктөрүн "фули" (бөрү) деп аташканы, бир жылда 64 ирет Кытайга кол салган "бөрүлөрдү" тукум курут кылыш керек деп жазышканы белгилүү. Эстеликтеги "барска жана кийике (элике) тийген жокмун" деген маалымат башка элдер жана алардын тотемдери тууралу жазылышы ыктымал. Бегре эстелиги (Е-12): "...9): "Он беш жашымда Табгач канга бардым, Эр эрдемим үчүн алпын (?), алтын, күмүштү, кымбат баалуу ат жабылуу... Табгач мамлекетинде аялдуу (кишилүү) болдум; 10). Жети бөрү өлтүрдүм, барсты,

кийикти (эликти) өлтүрбөдүм" (Орхон-Енисей текстери, 1982: 154-155).

Чаа-Холдогу (Чаа-Көл) биринчи жазуу эстелигинде (Е-13) Чиксин аттуу кыргыз эринин каганга, элге, мамлекетке ак дилден кызмат өтөгөнү тууралу маалымат жазылат. Элге таанымал өз атасы жана кыргыз каганы Билге-Чикшенге ак ниеттен кызмат өтөп, эр ("бөрү") наамына ээ экендиги баяндалат. Чаа-Хол (кырг. Чаа-Көл) - Туванын аймагындагы анчалык чоң эмес көлдүн аталышы. "Чаа" – хакас жана тува тилдеринде "согуш", "кармаш" маанисин туюнтат. Болжолу, согуш болуп өткөн жердин атынан келип чыккан болуусу мүмкүн. Ошондон улам, Хакасиядагы кыргыздардын көрүстөндөрү жана аларга арналып тургузулган жазуу эстеликтери хакастар тарабынан "Чаа тастары" –"Согуш таштары" деп аталат. Көлдүн (Чаа-Көл) энчилүү аты кыргыз жазуу эстеликтиринин аталышынан улам келип чыккандыгын байкоого болот. "1) Мен курдаштарымдан айрылдым, ат-тигиниң! Ак өргөөдөгү канышамдан, сегиз уулумдан айрылдым; 2) Мен өз каганыма, мамлекетиме берилгендик менен ак ниеттен кызмат өтөдүм. Акылдуу (көсөм) башкаруучума ак дилден кызмат кылдым. Жолдошторум үчүн да ак кызмат өтөдүм. Менин эрдигим...;3) Атам үчүн Билге Чикшен канга (каганга) кызмат кылдым, эл-журтум; 4) Мен өз эрдигими, күчүмдү элимдин кызматына бердим...Теңир... мен мыкты жолдошторумдан айрылдым. Чаа-Холдогу экинчи эстелик (Е-14) Кыргыз каганатында элчилик кызмат өтөгөн Чур (Чор) Күч-Барска арналып тургузулган. Кыргыз каганатында мамлекеттик кызматты – элчиликти аркалаган эр Чур (Чор) Күчтүү Барс болжолу элчилик сапарда же согуштук жүрүштө курман болгон. Ал Көк Теңир жараткан эли, мамлекети, Улуң-Шад эрден (баатыр) айрылганы жазылат. Шад – түрк каганаттарында, кыргыздарда мамлекеттик эң жогорку кызмат орунун, кагандан кийинки адамды аныктаган. 1) Элчи Чур (Чор) күчтүү Барс. 2) Өргөөдөгү канышам сиздерге, уулума бөкбөдүм (тойбодум); 3) Теңири (Көк Теңир) жараткан элим (мамлекетим), Улуң Шад эримден (баатырымдан) айрылдым (Орхон-Енисей текстери, 1982:158). Чаа-Холдогу үчүнчү эстелик (Е-15) жыйырма беш жашында курман болгон Йарык-тегин аттуу эр ("бөрү") кыргызга арналып жазылган. Анын атасы Беле-Тугма болгондугу баяндалат. Беле-Тугма – болжолу, кыргыз кагандарынын бири болгон. Себеби, анын уулу Йарык "тегин" деген титулга ат болгон. "Тегин" – кагандын мураскери, ханзаада маанилерин берет. 1) Эр атым Йарык-тегин, мен жыйырма беш жашымда сиздерден кеттим; 2) Беле-Тугма (деген) болгон, (мен анын) уулумун, жакшылыкка бөкбөдүм (тойбодум), сизге; 3) журт арасында болгон үчүн уямдан, элүү уялаш тууганымдан айрылдым (Орхон-Енисей текстери, 1982:159). Ириде, Борбордук Азиянын көчмөндөрүндө, анын ичинде кыргыздарда жаштар аскер иш-терине кандайча даярдыктардан өтүшкөн деген суроо келип чыгат? Болочоктогу аскерлер оболу душманга кол салуу жана жеңип алуунун сырларын коллективдүү аң уулоодон үйрөнүшкөн. Коллективдүү аң уулоо (бурят-монголчо – абла, орус тилинде - облава) эркек балдардын эң алгачкы ат үстүндөгү машыгууларынан болгон.

Аң уулоого өңчөй эркектер гана катыша алышкан. Бул процесстин өзгөчө структурасы жана аракеттери, аңга катышкандардын ар биринин өзгөчө орду жана социалдык иеархиясы болгон. Көчмөндөрдө бир социалдык катмардан экинчи бир социалдык катмарга (мисалы, эр же "бөрү" болуу үчүн – О.К.) өтүү үчүн аскердик жана аң уулоодогу атайын сыноолорду аткарышкан. Жаштар же болочоктогу жоокерлер шамдагайлыкка, жаа менен таамай атканга, күч-кубаттуу болууга жана кыйынчылык менен ачкалыкка чыдоого үйрөнүшкөн. Жогоруда белгилегендей аң уулоонун структурасы жана тартиби, оң жана сол канаттарга ажыратылып бөлүнгөн аңчылардын орундары болгон. Аң уулоонун тартибин бузгандар жазаланган (Артамонов, 1973: 223-226). Коллективдүү аң уулоонун

функцияларынын бири жаш муунду социализациялоо эле. Жаштар дарактарга, аскаларга тоскоолдуксуз чыгууга, жырткычтардан сактанууга, аң уулоо учурунда катарды бузбаганга үйрөнүшкөн. Ушул эле үйрөнгөн ыкмаларды башка урууларга, элдерге кол салууда пайдалана билишкен (Ильинская, 1971:84). Көпчүлүк учурда коллективдүү аң уулоо башка урууларга кол салуу менен коштолгон. Көчмөндөрдүн жашоосунда аң уулоо жана башка урууларга кол салуу жашоонун бир бөлүгү болгон. Кыргыздарда эң алгач ирет аң атып алган аңчынын колун аңдын каны, майы менен сүрткөн салт кездешет. Муну Темучиндин (Чынгыз-хан) эң алгачкы аң уулаганы жана Жамуха менен кездешкен эпизодунан да байкоого болот. Ю.Н.Рерихтин пикиринде коллективдүү аң уулоо “монгол аскерлеринин тактикалык көнүгүүлөрү” катары кызмат өтөгөн. Ал мисал катары Чынгыз-хандын “Улуу Ясасынан” (Мыйзамдар жыйнагы) үзүндү келтирет: “... Душмандар менен согуш болбогон учурда алар (монголдор) эркек балдарын жапайы жаныбарларды кубалап, аң уулаганга көндүрүшсүн, бул көнүгүүлөрдөн аскердик күч-кубат жана туруктуулукту үйрөнүшөт, андан соң душмандарга жырткыч айбандарга кол салгандай качырышсын, өздөрүнүн жанын аябашсын... (Кубарев., Черемисин, 1987:103). Монголдор согуш учурунда жапайы жаныбарларга аң уулоо (облава) ыкмасын колдонушуп, душмандын аймагын курчоого алышкан. Аң уулоонун монголдорду аскер ишине тарбиялоодогу башкы ролун белгилейт. Мындан сырткары, аң уулоо аскерлерди тамак-аш менен камсыздоодо колдонулган. “Жол катар аң уулап, күл азык даярдашкан” (Кубарев., Черемисин, 1987:105). Коллективдүү аң уулоону эки бөлүккө, аң уулоо жана анын кудайларга арналган ритуалдык мүнөзгө ээ курмандык чалуу расмисине ажыратууга болот. Андан соң спорттук “үчилтик” (триада) – күрөш, ат оюндары жана жаа атуу мелдештери уюштурулган. Спорттук мелдештерде шамдагай жана күчтүү балбандар, көзгө атар мергендер, мыкты чабандестер аныкталган. Эң кызыктуусу, аң уулоодо аристократия эки түрдүү сырткы кийимди пайдаланышкан. Биринчиси, жаныбарлардын образын чагылдырган үстүңкү сырткы кийим, экинчиси согушка кийүүчү панцирдик соот-чопкут кийимдери колдонулган. Бул байыркы шамандык традицияны чагылдырган. С.В.Ивановдун байкоосунда аң уулоодогу эки түрдүү кийим шамандык традицияны, шаман-аңчы жана шаман-жоокерди туюнткан (Руденко, 1962: 20). Жаныбардын образын чагылдырган кийим ритуалдык функияны аткарып, бөрүнүн элесин чагылдырган. Коллективдүү аң уулоонун жетекчиси – аскер башчысы болсо, ритуалдык процессияда негизги жырткыч жаныбардын образы карышкырга тийешелүү болгон. Жаш уландарды “эркектер союзуна” кабыл алууда бөрүнүн терилерин, баштарын пайдалануу, “бөрүгө кубулуу” мисал боло алары ырас. Аң уулоо процессиндеги башчыны (жетекчини) кыргыздар “калча” деп аташкан.

“Эркектер союздарынын” элементтерин Енисей кыргыздарынын сөөк коюу салтынан кездештирүүгө болот деген пикирди айткыбыз келет. Азыркы Туванын, Хакасиянын, Батыш Монголиянын археологиялык эстеликтеринин ичинен орто кылымдардагы кыргыздарга таандык “аскердик көрүстөндөрдү” (“дружинные захоронение”) кездештирүүгө болот. Кыргыз эстеликтерин изилдеген археолог-окумуштуулар (А.Грач, Л.А.Евтюхова, С.В.Киселев, Д.Г.Савинов, В.Я.Бутанаев, Ю.С.Худяков ж.б.) көрүстөндөрдө бир жаш курактагы, бир учурда коюлган жоокерлердин сөөктөрү экендигин белгилешет. “Эркектер союздары” тууралу антиктик авторлор да жазып калтырышкан. Геродот: “...скифтердин (сактар) эркектери курман болсо, жакын туугандары сөөктү арабага жүктөшүп айланада жашаган досторуна (тең-туштары) алып жөнөшкөн. Досторунун баары тең сөөктү кабыл алышып, аркы дүйнөгө узатуу тамак берүү расмисин жасашат, көзү өткөн адамга да башкалардай

эле тамак арнашат (Геродот, 1972: IV:73). Ушул эле автор савроматтардын келип чыгышы тууралу баяндап келип, уруудан өз алдынча бөлүнгөн жаштар аң уулоо жана каракчылык менен күн көрүшөрүн эскерген (Геродот, 1972, IV: 114-116). Эркектердин жана аялдардын сөөктөрүнүн көрүстөндөргө өз алдынча же бөлөк коюлушу эрте сармат доорундагы доорлордон кездешет (Ильюков, Власкин, 1992: 182).

Бул изилдөөдө “эркектер союздарынын” коомдогу жана жашоодогу ээлеген орду, бөрү үйүрүнүн жана анын социалдык курулушунун адамдардын жашоосуна тийгизген эбегейсиз таасири, аң уулоодогу оң жана сол канат структурасы, анын соңку доордогу мамлекеттердеги аскердик-башкаруу системасындагы калыптанган орду ж.б. маселелер каралды. Кыргыз тарыхында мурда колго алынбаган бул илимий маселелер байыркы тарыхтын “ак тактарын” иликтөөгө өз көмөгүн тийгизери шексиз.

**Адабияттар**


1. *Артамонов М. И.* Сокровища саков. - М.: Искусство, – 1973.– С. 223-226.
2. *Бартольд В.В.* Сборник в честь семидесилетия Г.Н.Потанина. Записи ИРГО по отделению этнографии. Т.XXXIV. – СПБ, – 1909. – С. 293-308.
3. *Бондаренко А. А.* Культ воина-зверя у правящих сословий древних киммерийцев, скифов, сарматов//Colljquiumheptaplomeres, 2014г. 1. – С. 153-162.
4. *Вербицкий, В.И.* Алтайские инородцы: сборник этнографических статей и исследований. – М., 1893г.
5. *Гаврилов М.Ф.* Остатки ясы и юсуна у узбеков. – Ташкент, –1929. – 9 с. (отдельный оттиск).
6. Геродот. История в девяти книгах. Изд-во «Наука», Ленинград, – 1972. Перевод и примечания Г. А. Стратановского, под общей редакцией С. Л. Утченко. Редактор перевода Н. А. Мещерский.
7. *Грязнов Н. П.* Древнейшие памятники героического эпоса народов Южной Сибири // АСГЭ. Вып. 3. –Л.: – 1961. – С. 7-31.
8. *Добжанский В. Н.* Наборные пояса кочевников Азии. – Новосибирск, – 1990. –164 с.
9. *Евсюкова В. В.* Древнеиндийский миф о затмениях и его типологические соответствия в фольклоре тюрко-монгольских народов // Традиционные верования и быт народов Сибири. – Новосибирск: Наука, 1987. – С. 28-29.
10. *Иванчик А. И.* 1988. Мужские союзы и скифские вторжения в Переднюю Азию // СЭ. 1988. № 5. – С. 38-49.
11. *Ильинская В. А.* Образ кошачьего хищника в раннескифском искусстве//Советская археология. – 1971. – № 2. – С. 84.
12. *Ильюков Л. С., Власкин М.В.* Сарматы междуречья Сала и Маныча. - Ростов-на-Дону: –1992.
13. *Кубарев В. Д., Черемисин Д. В.* Волк в искусстве и верованиях кочевников Центральной Азии // Традиционные верования и быт народов Сибири. – Новосибирск: Наука, – 1987.
14. *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока [Текст] / Н.В. Кюнер.– М.: – Наука, – 1961. – 123 с.
15. *Нефедкин А.* Сарматы. Первая тяжелая конница степей. – М.: – 2018.
16. Орхон-Енисей текстери. – Фрунзе. – Илим. – 1987. – 198 б.
17. *Погребова М. Н., Раевский Д. С.* Савроматы и скифы //Сарматы и Скифия. Донские древности. Азов. Вып. 5. –М.: –1997. – С.78-86.

18. *Потапов Л.П.* Древний обычай, отражающий первобытнообщинный быт кочевников// Тюркологический сборник. – 1951. № 1.– С.164-171.

19. *Потапов Л. П.* Очерки истории алтайцев. 2-е изд., доп. – М., – 1953.

20. *Радлов В. В.* Из Сибири. Страницы дневника. – М.: – Наука, – 1989. – 749 с.

21. *Руденко С. И.* Горноалтайские находки и скифы. – М.: – Л.: – 1952.

22. *Снесарев Г.П.* Традиция мужских союзов в ее позднейшем варианте у народов Средней Азии // Материалы Хорезмской экспедиции. Вып. 7: Полевые исследования Хорезмской экспедиции в 1958-1961 гг. – М.: –1963. – С. 170-184.

23. *Таскин В.С.* О титулах шаньюй и каган // Mongolica. Памяти академика Бориса Яковлевича Владимирцова (1884-1931). – М.: –Наука,1986. – С. 213-218.

24. *Фиельструп Ф. А.* Из обрядовой жизни киргизов начала XX века. / Ф.А. Фиельструп [Отв. ред. Б.Х. Кармышева, С.С. Губаева]; Ин-т этнологии и антропологии им. Н. Н. Миклухо-Маклая. — М.: –Наука, – 2002. – 300 с.: ил.